**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН УЛУТТУК ИЛИМДЕР АКАДЕМИЯСЫ**
**ФИЛОСОФИЯ ЖАНА САЯСИЙ-УКУКТУК ИЗИЛДӨӨЛӨР ИНСТИТУТУ**
**КЫРГЫЗ-ТҮРК «МАНАС» УНИВЕРСИТЕТИ**

**Д 09.16.534 диссертациялык кеңеши**

*Кол жазма укугунда*

**УДК 130.2 (575.2) (043.3)**

**Осмонова Нургул Исраиловна**

# СИМВОЛДУУЛУК ФЕНОМЕНИ ЖАНА АНЫ КЫРГЫЗДАРДЫН САЛТТУУ МАДАНИЯТЫНДА ТРАНСЛЯЦИЯЛОО ЫКМАЛАРЫ

Адистиги 09.00.11 – социалдык философия

**Философия илимдеринин доктору илимий даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациянын**
**АВТОРЕФЕРАТЫ**

Бишкек – 2017

Диссертациялык иш Б. Ельцин атындагы Кыргыз-Россия Славян университетинин илимдин философиясы кафедрасында аткарылды

| | |
|---|---|
| **Илимий консультант:** | **Какеев Аскар Чукутаевич**<br>философия илимдеринин доктору, профессор |
| **Расмий оппоненттер:** | **Аскаров Тендик Аскарович**<br>философия илимдеринин доктору, профессор<br>**Ботоканова Гульнара Топчуевна**<br>философия илимдеринин доктору, профессордун м. а.<br>**Исаков Кубанычбек Абдыкадырович**<br>философия илимдеринин доктору, доцент |
| **Жетектөөчү мекеме:** | Н. Исанов атындагы Кыргыз мамлекеттик курулуш, транспорт жана архитектура университетинин философия жана социалдык-гуманитардык илимдер кафедрасы<br>720020, Кыргыз Республикасы, Бишкек шаары, Малдыбаев көчөсү, 34 б |

Диссертациялык иш 2017-жылдын «  » «        » саат 12.00. дө Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясынын Философия жана саясий-укуктук изилдөөлөр институту, К. Карасаев атындагы Бишкек гуманитардык университетинин жана Кыргыз-Түрк «Манас» университетинин алдындагы философия илимдери боюнча докторлук (кандидаттык) жана маданият таануу боюнча кандидаттык диссертацияларды коргоо үчүн түзүлгөн 09.16.534 Диссертациялык кеңештин жыйынында корголот. Дареги: 720071, Бишкек шаары, Чүй проспектиси, 265-а.

Диссертация менен Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясынын Борбордук илимий китепканасынан таанышууга болот. Дареги: 720071, Бишкек шаары, Чүй проспектиси, 265-а.

Автореферат 2017-жылдын «  »                таркатылды.

Диссертациялык кеңештин
окумуштуу катчысы,
философия илимдеринин кандидаты **Акматова Н. С.**
а. и. к.

# ИШТИН ЖАЛПЫ МҮНӨЗДӨМӨСҮ

**Изилдөө темасынын актуалдуулугу.** Бүгүнкү күндө глобалдуу этномаданий процесстердин жана дүйнө таанымдык, руханий, техногендик жана экологиялык кризистерди жеңип өтүүнү изденүүнүн шартында салттуу маданият феноменин окуп-үйрөнүү, салттуу негиздерди, алардын жашоо өзгөчөлүгүн, ошондой эле аларда катылган универсалдуу символикалык маанини философиялык жактан маани берип түшүнүү – жыйырма жылдан ашык убакыттан бери Кыргызстандын социалдык-гуманитардык илимдеринин өкүлдөрүнүн тынымсыз кызыгуусун пайда кылып келет. Бул маселелердин өзүнө тартып туруусу социалдык божомолдун бардык түзүмдөрүн гана эмес, ошондой эле салттуу дүйнө тааным багытын, баалуулуктар системасын, кыргыздардын менталитетин, этникалык аң-сезимин жана өзүн-өзү андап билүүсүн козгогон коомдун трансформацияланууу процесси жана социомаданий кайра куруулар менен шартталган. Жаңы дүйнө тааным багыттарын, коомдун өнүгүү стратегияларын издөөгө түрткөн социомаданий кайра куруулардын булактарынын тамыры биздин тарыхтын анча деле алыс эмес өткөнүнө – XX кылымдын башына туура келет, бул мезгил кыргыз элинин жашоосундагы салттуу негиздердин кулашы жана маанилүү-жашоо мазмунундагы номадикалык дүйнө тартиби жана аны менен байланышкан баалуулуктар жоготууга учураган кескин өзгөрүүлөр менен мүнөздөлөт.

Биздин элдин тарыхындагы экинчи кескин бурулуш кайра куруудан кийинки мезгилде совет доорунун идеологиясынан баш тартуу жана заманбап цивилизациянын ааламдашуу процессине тартылуусу менен байланышкан. Жалпысынан, бул мезгил доорду деконструкциялоо мезгили, мында бир доордон экинчи доорго цивилизациялуу өтүүдө руханий жактан эски баалуулуктар жоготууга учурап, ал эми жаңылары кабыл алына элек, мына ушуга байланыштуу идеологиялык боштук пайда болгон, бул боштук жаңы маанилерди, баалуулуктарды жана символдорду табуу менен гана толушу мүмкүн. Эки муундун бүткүл жашоо-турмушунда көндүм болуп калган көз караштардан эки жолку баш тартуу, баалуулуктар системасын кайра баалоо жана социалдык болмуштун түзүмүнүн эки жолку бузулушу кыргыз элинин этникалык жана социалдык идентификациясына коркунуч туудурду. Дал ушундай коомдун өткөөл учурларында – өзгөрүүлөр доорунда, – мезгилдердин, муундардын, салттардын ортосунда байланыш жоголгон учурда, «адам – маданият – символ» триадасында өз ара мамилелерди түшүнүүнүн мааниси жогорулайт. Ушуга байланыштуу маданияттын символдук маңызы феноменин жана аны трансляциялоо ыкмаларын түшүнүү эч убакта өзүнүн маанисин жоготпогон актуалдуулукка ээ, анткени маданий континуумдун туруктуу элементи катары символдорго кайрылуу аркылуу этностор бул жашоодогу өзүлөрүн ордун аныкташат,

жашоо маңызын табууга, өзүлөрүн өнүктүрүү багытын жана шарттарын тандоого умтулушат. Маданият бул контекстте символикалык чөйрө катары, ал эми символикалык реалдуулук – маданияттын терең руханий маңызы, руханий чындыкты түшүндүрүүнүн универсалдуу ыкмасы катары көрүнөт, аны ачып берүү менен адамдын табиятын жана анын бул жашоодогу ордун түшүнүп биле алабыз.

Мына ушуга байланыштуу заманбап социалдык-гуманитардык илимдер системасында социалдык философиянын жаңы багыты – этнофилософия маанилүү ролду ойнойт, этнофилософиянын предмети системалуу бүтүндүк катары дүйнөнүн этникалык көрүнүшүн, жашоо шарттарын, көз караштар жана элестер системасын трансляциялоо ыкмаларын жана көз алдыга келтирүү механизмдерин, баалуулуктарды жана идеалдарды, символдорду жана архетиптерди, салттарды жана ырым-жырымдарды таанып билүү болуп эсептелет. Кыргыздардын этнофилософиясы үчүн ой жүгүртүүнүн терең түпкү парадигмаларына, руханий булактарга, социалдык кайра куруунун салттуу негиздерине кайрылуу – эч качан маанисин жоготпогон эвристикалык жана социомаданий баалуулукка айланды, аларда азыркы маданияттагы кризисти жеңип чыгууга түрткү берүүчү универсалдуу символикалык маани жатат. Бул маселе өзгөрүп бара жаткан маданияттын жаңы формаларынын жана ааламдашып бара жаткан заманбап коомдун өзгөрүүдөгү көз караштарынын контекстинде салтты, тилди, тарыхты калыбына келтирүү, аныкталган улуттук баалуулуктарды иштеп чыгуу үчүн, символдорду философиялык жактан маани берип түшүнүүнү талап кылууда. Анткени баалуулуктардын универсалдуу тизмегин чагылдыруучу жана көптөгөн социомаданий процесстерди түшүнүүгө ачкыч боло турган символдордун жана өткөндүн архетиптеринин көп катмарлуу терең маанисин, ошондой эле аларды трансляциялоо ыкмаларын түшүнбөй жана үйрөнбөй туруп, заманбап цивилизациянын көйгөйлөрүн түшүнүү жана аларды чечүүнүн жолдорун табуу мүмкүн эмес.

**Диссертациянын темасынын ири илимий программалар, илимий мекемелер тарабынан өткөрүлүүчү негизги илимий-изилдөө иштери менен байланышы.** Диссертациянын темасы Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясынын тармактык илимий программасына, КР УИАнын Философия жана саясий-укуктук изилдөөлөр институтунун тематикалык планына жана Кыргыз-Россия Славян университетинин 2014–2018-жж. карата «Тарых жана маданий өнүгүү, Кыргызстанда руханий кайра жаралуу» аттуу приоритеттүү илимий багытына туура келет.

**Изилдөөнүн объектиси** болуп тынымсыз жаңыланып туруучу, коддорго катылган символдор системасы катары кыргыздардын салттуу маданияты эсептелет. **Изилдөөнүн предмети** – символдуулуктун маңызынын көрүнүшү жана аны ырым-жырымдык тажрыйба, үрп-адаттык-тилдик тажрыйба, буюмдук-заттык, оозеки-фольклордук жана белгилик-символдук формалар

аркылуу салттуу адамдын сакралдык (ыйык), профандык (күнүмдүк) жана рухий жашоосуна трансляциялоо ыкмалары болуп эсептелет.

**Изилдөөнүн максаты жана милдеттери.** Диссертациялык иштин максаты – символдуулуктун маңызын жана анын трансляциялоо ыкмаларын кыргыздардын салттуу маданиятында системалуу бүтүндүк катары ачып көрсөтүү. Бул максатка жетүү үчүн бир катар милдеттерди алдыга коюу жана чечүү талап кылынды:

– салттуу маданият феноменин жана салттуу маданияттын жашоо шарты да, анын өзү да, анын жолун жолдоочулугун камсыз кылуу ыкмасы да болуп эсептелген, трансляциялоонун универсалдуу ыкмасы жана механизми катары салттардын өзгөчөлүгүн түшүнүүдө азыркы заманбап социогуманитардык илимдердин изилдөөлөрүнүн негизги мамилелерине жана методологияларына талдоо жүргүзүү;

– субстанционалдык жана функционалдык мамилелердин таасири аркылуу кыргыздардын салттуу маданиятынын өзгөчөлүгүн системалуу бүтүндүк катары аныктоо жана салттуу болмуштун трансляциялоо жана иштөө шарттарын, ыкмаларын ачып көрсөтүү;

– салттуу болмуштун маанилик (онтологиялык) негизи катары салттуу маданияттын символдук табиятын ачып берүү; салттуу адамдын ажырагыс руханий жана социалдык болмушу катары символдук реалдуулук мейкиндигин негиздөө, жүргүзүлгөн талдоонун негизинде «символдук дүйнө» түшүнүгүн киргизүү жана анын маңызын ачып көрсөтүү;

– классикалык философиялык традицияда жана философиялык символизмдин концепциясында символ жана миф маселелеринин иштелип чыгышына талдоо жүргүзүү;

– символдун маани-маңызын жана мифте, архетипте символдук көрүнүштүн жаратылышын изилдөөдө К. Г. Юнгдун психоаналитикалык концепциясын жана М. Элиаденин салттуу концепциясын салыштыруу жана аларга талдоо жүргүзүү;

– символду, символдук ой-жүгүртүүнү изилдөө структуралисттик жана структуралык-семиотикалык концепцияларын жана методологияларын салыштыруу жана аларга талдоо жүргүзүү;

– үрп-адаттардын жамааттык жүрүм-турумдун символдук формасы катары жана кыргыздардын салттуу маданиятында жамааттык баалуулуктарды трансляциялоо ыкмасы катары маңызын жана социомаданий маанисин ачып берүү;

– кыргыздардын салттуу тойлорунун үрп-адаттык-символдук негизин сакралдык окуя жана социомаданий тажрыйбаны трансляциялоо ыкмасы катары карап чыгуу жана ачып берүү;

– буюмдун символдук жана функционалдык болмушун ачып көрсөтүү, кыргыздардын салттуу маданиятында буюмду символ жана маданий маанини трансляциялоо ыкмасы катары карап чыгуу;

– кыргыздардын үрп-адаттык-тилдик тажрыйбасына талдоо жүргүзүүнүн негизинде миф жана салттуу маданияттын адамынын символу катары аттын ички маңызын, социомаданий жана аксиологиялык маанисин ачып көрсөтүү;

– кыргыздардын үрп-адаттык-тилдик тажрыйбасында сөздүн символ жана сакралдык (ыйык) маалыматтарды сактоонун жана трансляциялоонун ыкмасы катары социомаданий маанисин ачып берүү;

– кыргыздардын салттуу маданиятында архетиптик эс-тутумду алып жүрүүчү жана сакралдык текстти трансляциялоочу катары манасчылык өнөр феноменинин мифологиялык үрп-адаттык булактарын ачып көрсөтүү.

**Изилдөөнүн илимий жаңылыгы** биринчи жолу кыргыздардын салттуу маданияты тынымсыз жаңыланып туруучу, коддорго катылган символдор системасы катары, ал эми символдуулук ушул маданияттын имманенттүү түйүнү жана көрүнүшүнүн феномени катары каралгандыгында;

биринчи жолу символдуулуктун маңызынын көрүнүшү жана анын ырым-жырымдык тажрыйба, үрп-адаттык-тилдик тажрыйба, буюмдук-заттык, оозеки-фольклордук жана белгилик-символдук формалар аркылуу салттуу адамдын сакралдык (ыйык), профандык (күнүмдүк) жана рухий жашоосунда трансляциялоо ыкмалары социалдык-философиялык изилдөөнүн предмети болуп калды;

биринчи жолу субстанционалдык жана функционалдык мамилелер аркылуу кыргыздардын салттуу маданиятынын өзгөчөлүгү системалуу бүтүндүк катары аныкталды жана кыргыздардын салттуу маданиятына аныктама берилди;

философиялык ой-жүгүртүүнүн негизинде «символдук дүйнө» түшүнүгү киргизилди жана анын маани-маңызы ачылып берилди;

кыргыздардын салттуу маданиятында жүрүм-турумдун символдук формасы, жамааттык (коллективдүү) баалуулуктарды трансляциялоо ыкмасы катары жана салттуу адамдын сакралдык жана профандык жашоосун айырмалоодо маани берүүчү негиз катары ырым-жырымдын маңызы жана мааниси ачылып берилди;

алгач ирет сакралдык окуя жана социомаданий тажрыйбаны трансляциялоо ыкмасы катары кыргыздардын салттуу тойлорунун үрп-адаттык-символдук табияты ачылып берилди;

структуралык-семиотикалык мамиленин негизинде кыргыздардын салттуу маданиятында буюмдун (заттын) символ (маданий белги) жана маданий маанилерди трансляциялоо ыкмасы катары символдук жана функционалдык болмушу жана семиотикалык статусу аныкталды;

философиялык символизм концепциясынын жана кыргыздардын үрп-адаттык-тилдик тажрыйбасынын негизинде адамдын атынын ички маңызы, социомаданий жана аксиологиялык мааниси кыргыздардын салттуу маданиятында миф жана адамдын символу катары ачылып берилди;

кыргыздардын үрп-адаттык-тилдик тажрыйбасында сөз символ катары жана сакралдык (ыйык) маалыматтарды сактоонун жана трансляциялоонун ыкмасы катары каралды, анын магиялык, перформативдик, социалдык мааниси ачылып берилди;

манасчылык өнөр феноменинин жалпы теориялык аспектилерин изилдөөнүн негизинде, кыргыздардын салттуу маданиятында манасчылык өнөр феноменинин архетипикалык эс-тутумду алып жүрүүчү жана сакралдык текстти берүүчү катары мифологиялык үрп-адаттык булактары ачылып берилди.

**Изилдөөнүн теориялык мааниси.** Белгиленген маселелерди алдыга коюу жана иштеп чыгуу кыргыздардын этнофилософиясын изилдөөдө олуттуу салым кошот. Изилдөөнүн негизги теориялык жоболору салттуу маданият феноменин, кыргыздардын этноэкологиялык, этносоциалдык жана этномаданий салттарын, ырым-жырым, үрп-адат комплексин, материалдык жана руханий маданиятын изилдөөдө пайдаланууга болот. Ошону менен бирге жалпы унификациялоонун жана ааламдашуунун шартында, этникалык идентификациялоо ыкмасы катары көчмөндөрдүн салттуу негиздерин, алардын жашоо өзгөчөлүктөрүн жана салттуу болмушун жана дүйнөгө болгон көз карашын негиздөөдө социалдык-философиялык ой-жүгүртүүнүн теориялык каражаттарынын бири боло алат.

**Изилдөөнүн практикалык мааниси.** Диссертациянын материалдарын жана жыйынтыктарын жождук тажрыйбада кыргыздардын этнофилософиясы, кыргыз философиясынын тарыхы, социалдык философия, культурология, эстетика жана этика боюнча окуу курстарын иштеп чыгууда, ошондой эле кыргыздардын салттуу маданиятын изилдөө боюнча атайын курстарды жана лекцияларды иштеп чыгууда жана жалпы эле кыргыз элинин руханий, социалдык болумушун жана маданий мурасынын маселелерин изилдөөдө жана мониторинг жүргүзүүдө пайдаланса болот.

**Диссертациянын коргоого сунуш кылынган негизги жоболору:**

1. Кыргыздардын салттуу маданияты – бул тарыхый жана экологиялык жактан шартталган, синкретикалык көз караш менен мүнөздөлгөн жана кийинки муундарга идеалдуу үлгү катары өзүнүн жамааттык тажрыйбасын жана маданий өзгөчөлүгүн көчүрмөлөөгө, сактоого жана трансляциялоого багытталган көчмөн социумдун табигый абалы. Кыргыздардын салттуу маданиятында кылымдар бою калыптанган негизги жашоо маңызы жана маданий символдору, руханий баалуулуктары жана жамааттык эс-тутумдук архетиптери, этикалык нормалары жана жүрүм-турум ченемдери, элдик билимдери жана экологиялык жактан маанилүү идеялары, аларды муундан муунга өткөрүп берүү жолдору ырым-жырымдык-үрп-адаттык, ырым-жырымдык-тилдик тажрыйба, буюмдук-заттык, оозеки-фольклордук жана белгилик-символдук формалар аркылуу ишке ашырылат.

2. Кыргыздардын салттуу маданиятына мүнөздүү өзгөчөлүк, ушул социалдык системанын негизги иштөө шарты жана ыкмасы болуп урук-

туугандык уюмдашуу болуп эсептелет, ал этникалык гана эмес, бир эле мезгилде экологиялык, социалдык жана маданий идентификациянын негизги формасы катары кызмат кылат. Акыркы аталгандар органикалык биримдикте этноэкологиялык, этносоциалдык, этномаданий салттарды түзүү менен бирге, салттуу коомдун табигый, социалдык жана маданий болмушунун негизин түзөт. Жамаат (уруулук уюм) жана жамааттагы инсан көчмөн коомдук жамааттын ченемдик-баалулуктарын ишке ашыруучу катары салттарды алып жүрүүчүлөр болуп эсептелет.

3. Символдуулук имманенттүү өзүн-өзү көрсөтүүнүн негизги ыкмасы жана салттуу маданият көрүнүшүнүн феномени катары руханий, социалдык жана маданий болмушу гана эмес, ошондой эле салыштырмалуу өз алдынча реалдуулук катары көрүнөт. «Символдуулук дүйнөсү» – бул салттуу маданиятты тутунган адамдын табигый жашоо мейкиндиги жана бирдиктүү рухий Космосу, ал адам үчүн бул дүйнөдө жашоонун башкы максаты жана маңызы, Ааламдын жана өздүк болмушунун сырларын таанып-билүү болуп эсептелет. Символдуулук дүйнөсү анын жашоосунун маанилүү фактору, рухий жана социалдык чындыкты конструкциялоодо анын жашоо-тиричилигинин экзистенциалдык түзүмү болуу менен, символдордогу, мифтердеги, ырым-жырымдардагы, той-топурлардагы жана фольклордогу рухий тажрыйбаны, сакралдык билимдерди, жамааттык эс-тутумдун архетиптерин муундан-муунга тынымсыз трансляциялоо, бекемдөө жана сактоо аркылуу түзүлөт.

4. Символ жана символдуулук феноменинин маңызы – бул анык дүйнөгө жетүүнүн ыкмасы, адамдын рухий ишмердик процесси жана анын жыйынтыгы катары, адам менен дүйнөнүн, идеалдуулук менен реалдуулуктун, түшүнүктүүлүк менен сезимталдуулуктун, мүмкүн боло турган нерсе менен чындыктын ортосун байланыштырып тургандыгында. Символ маани-маңыздык баалуулуктарды трансляциялоо ыкмасы катары, салттуу адамдын өзүнүн жашоосунун маанисин түшүнүүгө багыттоочу, сакралдык жана профандык дүйнөнүн ортосундагы байланыштыруучу каражат гана болбостон, алардын ортосундагы шайкештикти камсыз кылуучу, ошондой эле салттуу коомдо космостук жана социалдык тартипти кармап туруучу катары кызмат кылат.

5. Салттуу маданият баштан аяк символдуулукка ээ жана тынымсыз кайталанып туруучу символдор системасы болуп эсептелет, ал эми символ синкретикалык (салттуу) көз караштын архаикалык, универсалдуу, жыш, эмоционалдык жана маалыматтык формасы катары жамааттык эс-тутумду трансляциялоонун маанилүү ыкмасы катары кызмат кылат. Жамааттык эс-тутумдун механизми, маданияттын коммуникативдик мейкиндигинин жана анын маанилерин, баалуулуктарын муундан муунга трансляциялоонун олуттуу бөлүгү катары символдун табияты жана маңызы анын амбиваленттүүлүгүндө – туруктуулугунда жана өзгөрмөлүүлүгүндө.

6. Символдуулуктун маңызынын көрүнүшү, анын трансляциялоо өзгөчөлүгү – жаматтык жүрүм-турумдун символдуу формасы жана жамааттык баалуулуктарды трансляциялоо ыкмасы катары ырым-жырымда бир кыйла толук көрүнөт. Ал социалдык түзүмдүн стабилдүүлүгүн жана туруктуулугун камсыз кылуу үчүн зарыл болгон шарттарды түзүү боюнча ырым-жырым иш-аракеттерин жасоо үчүн уруу мүчөлөрүнүн биригүүсүнүн универсалдуу ыкмасы болуп эсептет. Кыргыздардын салттуу маданиятынын бардык ырым-жырымдары салттуу адамдын сакралдык жана профандык жашоосун айырмалоодо маани берүүчү негиз катары, уруунун өмүрүн сактоого, узартууга жана дайыма жаңылоого, ата-бабалардын сакралдык жана социалдык тажрыйбасын үйрөтүүгө багытталган.

7. Ырым-жырымдар жана символдор жамааттын эс-тутумундагы социалдык маанилүү маалыматты топтоштуруунун жана трансляциялоонун өзгөчө ыкмасы, социалдык жана этномаданий идентификациялоонун механизми катары, салттуу коомдун сакралдык жашоо чөйрөсүнө кирген тойлордун маңызын жана табиятын түзөт. Тойлор жамааттык баалуулуктарды жаңыртуунун жана бекемдөөнүн формасы катары жана тойлорду өткөрүү аркылуу салттарга, ата-бабаларыбыздын сакралдык жана социалдык тажрыйбасына, алардын идеалдык баалуулуктарына үйрөтүүчү, сакралдык жана массалык ырым-жырымдык-символдук окуя катары, көчмөн коомунун уруулук уюмдашуусунун түзүмдүк бүтүндүгү жана жашоого ийкемдүүлүгү камсыздалат. Тойлор уруулук коомдун ар бир мүчөсүнүн жамаат менен социалдашуу, консолидациялоо жана тилектештик процесстерин жүзөгө ашыруунун натыйжалуу каражаты болуп эсептелет. Кыргыздардын салттуу майрамдык маданиятынын сакралдык мааниси майрамдык ырым-жырым болуп эсептелген *ашта* чагылдырылат, аш өмүр менен өлүмдүн чектешкен жеринде өткөрүлүү менен, болмуштун эки деңгээлинин – профандык жана сакралдык деңгээлдеринин ортосундагы өз ара аракеттешүүнү көрсөтөт, адамзат жашоосунун бийик баалуулуктары боюнча экзистенциалдык-маанилик, ырым-жырым-символдук, ырым-жырым-оюн коммуникацияларынын өзгөчө маданиятын иштеп чыгат.

8. Кыргыздардын салттуу маданиятында буюм символ катары (маданий белги), маданий эс-тутумду алып жүрүүчү нерсе гана болбостон, ошону менен бирге маданий маанилерди сактоочу жана өткөрүп берүүчү символ катары кызмат кылат, муну менен этникалык өзгөчөлүктү жана идентүүлүктү сактоого түрткү берет. Турмуш-тиричилик буюмдарынын, көчмөн адамдын буюмдарынын символдук жана функционалдык болмушу көпчүлүк учурда, уруу жамаатынын жүрүм-турумун, анын социалдык тартибин жөнгө салуунун негизги ыкмасы катары ырым-жырымдык, үрп-адаттык тажрыйбада көрүнөт жана уруулар ортосундагы, уруулар ичиндеги жана патриархалдык-үй-бүлөлүк байланыштарды бириктирүүгө жана бекемдөөгө, жамааттык берекелүүлүккө, сак-саламаттыкка жетишүүгө багытталган.

9. Кишинин аты миф жана символ катары кыргыздардын салттуу маданиятында социокод болуп эсептелет, жамааттык эс-тутумду сактоочунун ролун аткарат жана маданиятты трансляциялоонун ыкмасы катары ырым-жырымдык-тилдик тажрыйба системасында көрүнөт, жүрүм-турумдун символикалык формасын ырааттуу камтыйт. Ошондуктан, Манас деген ат кыргыздардын жамааттык маданий-тилдик эс-тутумуна киргизилген социокод катары, жана анын руханий түзүмүн, онтологиялык маңызын, баатырдык тагдырын символдоштурган жеке жана сакралдык миф катары, өз ичине анын социалдык ролун, социалдык-жүрүм-турумдук жана этномаданий маалыматты өз ичине камтыйт.

10. Сөз кыргыздардын ырым-жырымдык-тилдик тажрыйбасында символ, оозеки жамааттык эс-тутумда бекиген сакралдык маалыматты сактоонун жана өткөрүп берүүнүн негизги каражаты катары социалдык, перформативдик (сөз-иш) жана магиялык (вербалдык магия) мааниге ээ. Кыргыздардын ырым-жырымдык-тилдик салтында *«бата»* жана *«каргыш»* социалдык-ченемдик жана коммуникативдик функцияларды аткаруу менен чындыкка магиялык таасир этүү максатын көздөйт, өз ичине өтө зор маанилик баалуулукту жана символикалык жүктү алып жүрөт.

11. Кыргыздардын салттуу маданияты оозеки тексттерди, маалыматтарды жамааттын эс-тутумуна трансляциялоого жана үзгүлтүксүз кайра кайталоого багытталган белгилик-символдук система болуп эсептелет. Элдик оозеки чыгармачылыктын бардык жанрларынын ичинен дал ушул эпикалык салт оозеки эс-тутумдун архаикалык формасы катары өнүгүүнүн жогорку деңгээлине жетти жана бардык руханий билимдерди, жеке жана социалдык жүрүм-турум нормаларын муундан муунга оозеки өткөрүп берүү аркылуу кыргыздардын салттуу маданиятынын семиотикалык бүтүндүгүн камсыз кылат.

12. «Манас» эпосу көчмөн аң-сезимдин коллективдүү чыгармасы, биздин ата-бабаларыбыздын өзүнүн урпактарына жөнөткөн коддорго катылган кабар билдирүүсү катары, маанилердин генераторунун жана маданий эс-тутумдун конденсаторунун милдетин аткарат, ал эми манасчылар тереңде жаткан маанилерди жана архетиптерди өткөрүп берүүчү, салттарды сактоочу жана «жогортон тандалган» аткаруучу катары кызмат кылышат. Манасчылык өнөрдүн түпкү булактары, сыйкырдуу феномен катары, шаманизмдин мифологиялык ырым-жырымдык тажрыйбасына жана коллективдүү акылга сыйбаган архаикалык пласттарга, терең негиздерге барып такалат.

**Изденүүчүнүн жеке салымы.** Диссертацияга Франциянын Казахстандагы элчилиги жана франциялык Борбордук Азияны изилдөө институту тарабынан уюштурулган «Теңирчилик Борбордук Азиядагы маданий иденттүүлүктү түзүүнүн фактору катары» аттуу аймактык долбоорго эл аралык катышуунун алкагында (Алматы, 2005-ж.) жүргүзүлгөн изилдөөнүн жыйынтыктары киргизилди. Ошондой эле диссертацияда «Социалдык жана гуманитардык сабактарды окутууда экологиялык этика» аттуу (Москва,

2007–2009-жж.) үч жылдык эл аралык долбоордун алкагындагы изилдөөлөрдүн жыйынтыктары чагылдырылды, бул долбоордун жүрүшүндө кыргыздардын этноэкологиялык салттары изилдөөгө алынды, КР Билим берүү жана илим министрлигинин грифи менен «философия» адистиги боюнча билим алган студенттер үчүн «Этика» окуу куралы басылып чыкты. Диссертациянын негизги илимий жоболору жана жыйынтыктары изденүүчүнүн символдуулук феноменин жана кыргыздардын салттуу маданиятында аны трансляциялоонун ыкмаларын жеке изилдөөлөрүнүн натыйжасы болуп эсептелет.

**Диссертациянын жыйынтыктарын апробациялоо.** Диссертациянын негизги теориялык жоболору**,** анын жыйынтыктары республикалык, казахстандык, россиялык журналдарда жарыяланган жана россиялык философиялык конгресстерде: «Философия жана цивилизациянын келечеги» (Москва, 2005), «Илим. Философия. Коом» (Новосибирск, 2009), «Философия. Толеранттуулук. Ааламдашуу: Чыгыш жана Батыш – көз караштардын диалогу» (Уфа, 2015) жана «Дүйнөлүк цивилизациялар арасында түрк цивилизациясынын орду жана ролу» (Бишкек, 2004) аттуу II эл аралык конгрессте, «Борбордук Азия өлкөлөрүнүн өнүгүү перспективалары» (Бишкек, 2015) аттуу эл аралык конгрессте, ошондой эле төмөнкү тегерек столдордо: ЮНЕСКО тарабынан уюштурулган философия күнүнө арналган «Азыркы заман чакырыгы жана философия» (Бишкек, КРСУ, 2005–2010; 2013–2016), эл аралык илимий-практикалык конференцияларда: «Философияда жалпы адамзаттык жана улуттук түшүнүктөр» (Бишкек, КРСУ, 2003–2010), «XXI кылым: Бирдиктүү адамзаттыкка карай багыттабызбы?» (Москва, 2003), «Азыркы заман жана этникалык процесстер» (Бишкек, 2003), «Эпикалык мурастар: сактап калуу жана кайра жаралуу багыты» (Бишкек, 2007), «Чыгыш өлкөлөрүнүн философиясы, дини жана маданияты» (Санкт-Петербург, 2008), «Илим XXI кылымда: жаны мамиле» (Бишкек, 2014), «Этнофилософиянын өнүгүүсүнүн актуалдуу маселелери» (Чебоксары, 2014), «Салттуу коомдор: бизге белгисиз өткөн доор» (Челябинск, 2015, 2016, 2017), «Заманбап философиялык парадигмалар: салттуу жана инновациялык мамилелердин өз ара карым-катышы» (Прага, 2015), жасалган баяндамаларда чагылдырылды. Диссертациянын бир катар теориялык жана практикалык жоболору философия, Кыргызстандын философиялык жана коомдук-саясий ой жүгүртүүлөрүнүн тарыхы, эстетика, этика, маданият философиясы, дүйнөлүк маданияттын тарыхы жана теориясы боюнча Кыргыз-Россия Славян университетинде окуган лекцияларда пайдаланылды.

**Диссертациянын жыйынтыктарынын толук жарыяланышы.** Диссертациянын негизги жыйынтыктары жана теориялык жоболору эки монографияда (жалпы көлөмү 31,45 басма табак), окуу куралында (14,75 басма табак), илимий журналдарда жарыяланган 32 макалада (жалпы көлөмү 16,3 басма табак) чагылдырылды.

**Диссертациянын түзүмү жана көлөмү.** Жалпы көлөмү 355 беттен турган диссертациялык иш изилдөөнүн максаттарына жана милдеттерине шайкеш келет жана киришүүдөн, 4 главадан, 12 параграфтан, корутундудан жана 591 аталыштагы пайдаланылган адабияттардын тизмесинен турат.

## ИШТИН НЕГИЗГИ МАЗМУНУ

**Киришүүдө** тандалып алынган теманын актуалдуулугу, анын илимий программалар жана илимий мекемелердин изилдөө иштери менен байланышы негизделди, иштин объектиси жана предмети, максаты жана милдеттери аныкталды, изилдөөнүн илимий жаңылыгы, алынган жыйынтыктардын теориялык жана практикалык баалуулугу ачылып берилди, коргоого алынып чыгуучу жоболору аныкталды, изденүүчүнүн жеке салымы көрсөтүлдү, апробация жана изилдөөнүн жыйынтыктарынын толук жарыяланышы белгиленди, ошондой эле изилдөөнүн түзүмү жана көлөмү көрсөтүлдү.

**«Салттуу маданиятты жана анын символдук табиятын изилдөөнүн теориялык-методологиялык негиздери»** деп аталган, үч параграфтан турган биринчи бапта салттуу маданиятты изилдөөнүн негизги мамилелерине методологиясына талдоо жүргүзүлдү; субстанционалдык жана функционалдык мамилелер аркылуу кыргыздардын салттуу маданиятынын системалуу бүтүндүк катары өзгөчөлүгү аныкталды; салттуу болмуштун маанилик (онтологиялык) негизи катары салттуу маданияттын символдук жаратылышы ачылып берилди.

***«Салттуу маданият: заманбап мамилелер жана методологиялык изилдөөлөр»*** деп аталган биринчи параграфта салттуу маданиятты изилдөө жолдоруна жана методологиясына жалпыланган түрдө талдоо жүргүзүлдү, алар дээрлик бардык заманбап социогуманитардык илимдердин изилдөөлөрүнүн теориялык негизин түзөт.

Гуманитардык илимдер тармагында салттуу маданиятты изилдөөдө реконструктивдик методология кеңири колдонулат, анын милдети тигил же бул маданий-тарыхый фактыларды кайра түзүү, мурда болгон же жарым-жартылай ураган маданий-тарыхый объекти жөнүндө максималдуу сандагы маалыматтарды чогултуунун негизинде структуралык мүнөздөмө түзүү болуп эсептелет. Археологиялык, этнографиялык, лингвистикалык, культурологиялык материалдардын негизинде байыркы элдердин салттуу дүйнө таанымын, алардын руханий, социалдык жана материалдык дүйнөсүн реконструкциялоого болгон аракеттер Е. В. Антонова, И. П. Вейнберг, Г. Н. Грачева, А. Я. Гуревич, Н. Л. Жуковская, В. Б. Иорданский, И. С. Клочков, Э. Л. Львова, И. В. Октябрьская, А. М. Сагалаев, М. С. Усманова, Д. С. Раевский[1] сыяктуу изилдөөчүлөр тарабынан жүзөгө ашырылган,

---

[1] Көрсөтүлгөн изилдөөчүлөрдүн эмгектеринин толук тизмеси диссертациялык иштин пайдаланылган адабияттардын тизмесинде келтирилди.

алардын эмгектери байыркы (салттуу) маданияттардын дүйнөгө болгон көз карашынын универсалдуу табиятын жана мыйзамченемдүүлүктөрүн окуп-үйрөнүүгө мүмкүндүк берүүчү классикалык эмгектер болуп калды.

Биринчи жолу биздин ата мекендик илим изилдөөдө «Манас» эпосунун негизинде дүйнөнүн байыркы кыргыз моделин философиялык-культурологиялык реконструкциялоого болгон аракеттер Ш.Б. Акмолдоева тарабынан ишке ашырылган, ал байыркы түрктөрдүн (байыркы кыргыздардын) жана индоевропалык маданияттардын келип чыгуусунун жалпылыгы тууралу идеяны бир кыйла кызыктуу негиздеп берген [*Акмолдоева Ш. Б.* «Манас» – форма духовного освоения действительности древними кыргызами: Дис. … филос. илим. доктору – Бишкек, 1998. – 284-б.].

Коомдун кулпуланган, тынч абалдагы, бир түрдүү, кайталанма жана коллективдүү түрү катары, бир аз гана деңгээлдеги өзгөрүүлөр жана өнүгүүлөр мүнөздүү болгон салттуу коом (маданият) жөнүндө М. Вебердин жана Э. Дюркгеймдин мезгилинен бери классикалык калыптанган, социалдык илимдердин мурдагы жоболорун, ошондой эле туруктуу кубулуш жана «үзгүлтүксүз кайталоо» процесси катары салттар тууралуу элестөөлөрдү кайра карап чыгууда ишмердик мамиле олуттуу салым кошту (Э. С. Маркарян) [*Маркарян Э. С.* Теория культуры и современная наука: логико-методологический анализ. – М.: Мысль, 1983. – 284 с.]. Бул пикирге ылайык, маданият адамзаттык ишмердиктин өзгөчө ыкмасы, биологиялык эмес иштелип чыккан механизмдер системасы болуп эсептелет, алардын жардамы менен коомдо адамдардын жеке жана коллективдүү ишмердиги программага салынат жана калыбына келтирилет. Ишмердик мамилеге ылайык, салт стереотиптештирилген, бекемделген, адамзаттык ишмердиктин туруктуу формасына айланган тажрыйба катары аныкталат, ал тарыхый өзгөрүүдө, кыймылда жана өнүгүүдө болот жана ал коомдун же маданияттын салттуу эле эмес, кандай гана тиби болбосун маанилүү аракеттенүүчү компоненти болуп эсептелет. Ошондой эле салттуу маданиятты жана салттарды, алардын ички динамикасын жана өнүгүүсүн изилдөөдө, ошону менен бирге аларды уникалдуу, тилкелик эмес, тегиз эмес тарыхый жана социомаданий процесстин натыйжасы катары таанууда америкалык окумуштуулар Э.Шилздин жана Ш. Эйзенштадттын теориялык-методологиялык изилдөөлөрү таасирин тийгизген.

Гуманитардык жана социалдык илимдерде салттуу маданиятты изилдөөдө приоритеттүү методология катары структуралык-семиотикалык мамиле өзгөчө орунду ээлейт, анын теориялык иштелмеси москвалык-тартусттук структуралык-семиотикалык мектептин эмгектеринде чагылдырылган. Бул мамилеге ылайык маданият, аны ичинде салттуу маданият, коддорго жашырылган маанилердин өзгөчө системасы, же, белги-символ формасында чагылдырылган текст катары аныкталат, ошондой эле алар

илимге «маданият тексти» жана «маданият тили» түшүнүктөрүн киргизишти. Текст (маани түзүүчү чөйрө) изилденип жаткан маданият тууралуу баяндаган маданий артефактар катары түшүндүрүлөт, же маданий кубулуштар, семиозис деп аталган тигил же бул мазмундуу семиотикалык контекстке шайкеш келип, белги сөзгө толгон жана бири-бири менен ырааттуулукта байланышкан маанилер текст катары кызмат кылат. Ю.М.Лотмандын оюу боюнча, текст, эс-тутумдун функциясы болуп эсептелет. Маданият, Ю.М.Лотмандын оюу боюнча семиосфера же семиотикалык мейкиндик катары табигый тилдин негизинде түзүлгөн, бирок таатал структурага ээ, өзүнө искусствонун бардык түрүн, ырым-жырымдарды, үрп-адаттарды, фольклорду, турак-жайды, турмуш-тиричилик буюмдарын жана заттарды, ошондой эле мифтер, диний ишенимдер, укуктук системалар, жүрүш-туруш эрежелери сыяктуу аң-сезимдин формаларын өз ичине камтыган «экинчи даражадагы система» болуп эсептелет, жогоруда саналып өткөндөр аркылуу маданият өзүнүн жамааттык эс-тутумун жана аң-сезимин кармап турат. [*Лотман Ю. М.* Статьи по типологии культуры // *Лотман Ю. М.* Семиосфера: Культура и взрыв. Внутри мыслящих миров. Статьи. Исследования. Заметки (1968–1992). – СПб.: Искусство–СПБ, 2010. – С. 392–459.]. Алар коммуникативдик жана трансляциялоочу функцияларды (маданий маанилерди топтоо, сактоо жана өткөрүп берүү) аткарат, муну менен социомаданий мейкиндикте өзүнчө бир багыттоочунун милдетин жүзөгө ашырат жана социализациянын маанилүү каражаты болуп калат.

Маданиятты, анын ичинде салттуу маданиятты, структуралык-семиотикалык мамиле менен текст катары кароо, маданиятты ар кандай социомаданий маалымат катылган, көп кырдуу маданий-тарыхый кубулуштарда объекттештирилген, семиотикалык тексттердин бирдиктүү жана көп кырдуу структурасы катары кароого мүмкүндүк берет. Ар бир маданият, анын ичинде кыргыздардын салттуу маданияты, бул мамиленин контекстинде кандайдыр-бир функционалдык жана семантикалык мааниге ээ, маданий коммуникациянын белги каражаттарынын жыйындысы катары өзүнүн «тилин» билген, баардыгын ичине камтыган белгилер-символдор системасы катары көрүнөт.

Структуралык-семиотикалык мамилеге ылайык, салттуу (жазуусуз) маданияттын маңызы жаматтык эс-тутум катары, айрым билдирүүлөрдү (тексттерди) сактоо жана өткөрүп берүү, жаңыларын иштеп чыгуу механизми катары ушул типтеги маданиятты сактоону жана трансляциялоону камсыз кылуучу, социалдык коддоштуруу ыкмаларынын маанилик бүтүндүгүн жана баалуу маңыздуулугун өзүнө камтыган миф, символ, жана фольклор сыяктуу архаикалык тексттердин мисалында өзгөчө ачык көрүнөт.

Салттуу маданиятты изилдөөнүн мамилелерине жана методологиясына талдоо жүргүзүү контекстинде М.Элиаденин феноменологиялык-герменевтикалык методологиясы чоң мааниге ээ, анда салттуулук идеясы

(Р. Генон) ишке ашырылат, ал тилкелик өнүгүү, прогресс, эволюция идеяларын четке кагуучу жана циклдүү четтеген, кайталанган, мезгил-мезгили менен башталгыч булактарга, б.а. «биринчи буюмдар», «биринчи иш-аракеттер» жана «биринчи нерселер» мезгилине кайрылып турган циклдердин теориясына негизделген. Элиадага ылайык, салттуу маданияттын түрүнүн салыштырмалуу өзгөрбөстүгү жана кайталанмалуулугу, «түбөлүктүүлүгү», анын тарыхый процесстен четте болгондугу жана анын социалдык мезгили тегерек – «түбөлүк кайра кайтуу» экендиги менен түшүндүрүлөт, ал дайыма баштапкы, универсалдуу үлгү, архетип, ал ордуна, мезгилге, кандайдыр-бир конкреттүү этноско тиешелүү экендигине карабастан, дайыма болуучу жана түзүүчү маданияттын ядросу болуп эсептелет [*Элиаде М.* Миф о вечном возвращении: архетипы и повторение // *Элиаде М.* Избранные сочинения. – М.: Ладомир, 2000. – С. 82].

Ошондой эле салттуу маданиятты жана анын символдорун, архетиптерин, ырым-жырымдарын трансляциялоо процессин изилдөөдө орус окумуштуулары В. С. Семенцовдун, А. С.Тимощуктун чечмелөөчү методологиясы бир топ жемиштүү болду, ага ылайык салттуу маданиятты изилдөө анын сакралдык тексттин толук калыбына келтирүүнүн, чечмелөөнүн шартында гана мүмкүн болот. Тескерисинче, сакралдык текстти изилдөө, аны ой элегинен өткөрүү жана калыбына келтирүү изилдөөчүнүн конкреттүү маданий контекстке «аралашып кетүүсүнүн» жана имманенттүү түшүнүүсүнүн шартында гана ишке ашырылат.

Алардын пикири боюнча, салттуу маданият өзүнүн топтогон тажрыйбасын тексттерди чечмелөө аркылуу трансляциялагандыктан, ушул социумдун өкүлдөрүнүн маданий иденттүүлүгү маданий баалуулуктарды жана сакралдык тексттерди түшүнүүсүнүн негизинде гана жүргүзүлөт. Маданий контексттин кандайдыр-бир элементтеринин өзгөрүшү же аны жоготуп алуу, туура эмес чечмелөө, сакралдык баяндоого «аралашып кетүү» же «окуу» ушул маданияттын жашоо маңызынын жана баалуулуктарын жоготууга алып келет.

Ушуга байланыштуу заманбап кыргыз изилдөөчүсү К. Садыковдун теориялык-методологиялык позициясы көңүл бурууга арзыйт, ал байыркы кыргыз («Манас») жана байыркы индиялык («Бхагавад-Гита») маданияттардагы сакралдык тексттерге салыштырмалуу талдоо жүргүзүүнүн негизинде, ушул этникалык маданияттардын ар биринин трансляциялоо механизмдеринин өзгөчөлүгүнө карабастан, бирдиктүү фольклордук салттын жана мектептин бирдиктүү бөлүгү катары ушул тексттердин болушу менен шартталган, сакралдык тексттерди трансляциялоонун бирдиктүү салты жөнүндө жобону негиздеген [*Садыков К.* «Манас» и «Бхагават-Гита» в свете проблемы трансляции сакральных текстов культуры // URL: http://edu.gov.kg/ru/presscentr/intervju/403.html]. Ушундан улам кандай гана салттуу маданият болбосун, анын ичинде кыргыздардын салттуу

маданиятынын фундаменталдуу, маанилик жана баалуулук негизин, өзгөчө жазуунун жоктугу шартында, биринчиден, сакралдык тексттер, экинчиден, жамааттык эс-тутум аркылуу бул тексттерди өткөрүп берүүчү мектептер, үчүнчүдөн, сакралдык тексттерди трансляциялоонун туруктуу механизмдери түзөт, буларсыз анын жашап кетиши жана андан ары руханий өнүгүүсү мүмкүн эмес.

Ошондой эле салттуу маданиятты изилдөө методологиясында символдук антропология, анын чечмелөөчү мамилеси кызыгууну жаратат, анын автору америкалык маданият антропологу К. Гирц [*Гирц К.* Интерпретация культур. – М.: РОССПЭН, 2004. – 560 с.]. Анын пикири боюнча ар бир салттуу маданият символдордун жана символдук иш-аракеттердин көмүскөдөгү, бирдиктүү комплекси болуп эсептелет, ал изилдөөчү тарабынан изилденип жаткан маданияттын контекстинде анын маанилерин чечмелөө же сүрөттөө аркылуу «ичинен» гана түшүнүктүү болушу мүмкүн. К. Гирцтин интерпретативдик методологиясы маданий салтты изилдөө процессинде изилдөөчү ар бир маданиятты терең изилдөөгө маани берип, анын символдуулук чөйрөсүнө же «образдуу ааламына» сүңгүп кирип, ошол маданият үчүн мүнөздүү болгон коддорго катылган маани-символдорду табууга аракет кылышына багытталган. Ушул методология аркылуу изилденип жаткан маданият жөнүндө бир кыйла кеңири теориялык корутунду чыгарууга жана символдуулуктун же адамдардын социалдык жүрүм-турумунун конкреттүү, бирок абдан бай фактыларын сүрөттөө жана чечмелөө аркылуу бир кыйла абстракттуу деңгээлде талдоо жүргүзүүгө болот.

Салттуу маданиятты, анын руханий жана материалдык маданияттын продуктыларына катылган руханий билимдерин трансляциялоонун изилдөө методологиясында М. К. Петровдун белгилер методу жана ал киргизген «социокод» түшүнүгү чоң мааниге ээ, ага билимдердин белгилүү бир үзүндүлөрү гана кирет, анын иштөөсү (коммуникация), өткөрүп берүүсү (трансляция) жана өзгөрүүгө учуроосу (трансмутация) [*Петров М. К.* Язык. Знак. Культура. – М.: Наука, 1991. – 328 с.]. Ошол эле мезгилде, социокодго маалымат системалары, тактап айтканда, маалыматтар кирери, шексиз, бирок социалдык жактан коддоонун белгилер мазмуну, эрежеге ылайык, социалдык коддоонун ыкмаларынын маани жагынан толуктугун, бай мазмунун чагылдыруучу жана салттуу маданиятты трансляциялоону, сактоону камсыз кылуучу символдорду, мифтерди ырым-жырымдарды өзүнө камтыйт.

***«Кыргыздардын салттуу маданиятынын спецификасы жана өзгөчөлүктөрү»*** деп аталган экинчи параграфта автор тарабынан кыргыздардын салттуу маданиятын системалуу бүтүндүк катары иш-аракетин аныктоо үчүн эки мамиле пайдаланылган: 1) субстанционалдык, салттуу маданияттын мүнөздүү белгилерин аныктоо аркылуу, анын табиятын ачып берет, мүнөздүү белгилер анын маанилүү негизин түзүү менен, бир жолу берилген үлгү катары муундан-муунга дээрлик өзгөрүүсүз, тынымсыз

кайталанып турат жана трансляцияланат; 2) функционалдык, бул муундан-муунга трансляциялоо кандай ыкма менен ишке ашырыла тургандыгын жана мунун өзү салттуу коомдун адамы үчүн кандай максатта керек экендигин аныктайт.

Субстанционалдык мамиленин контекстинде кыргыздардын салттуу маданиятынын системалуу бүтүндүк катары өзгөчөлүгү, анын мааниси төмөнкүдө: а) салттуу көчмөн маданиятынын адамына адам менен табияттын, адам менен коомдун жана адам менен маданияттын биримдигине негизделген, синкретикалык көз караш мүнөздүү; б) кыргыздардын салттуу маданиятынын жашап кетүүсүнүн негизги ыкмасы катары чарба жүргүзүүнүн көчмөн-мал чарбачылык түрү ландшафта жашап кетүүнүн мүмкүн болгон бир кыйла натыйжалуу ыкмаларын, жашоо-турмушту камсыз кылууну, материалдык жашоонун бүткүл системасын (эмгек куралы, турак-жай, кийим-кече), социалдык мамилелердин жыйындысын, руханий баалуулуктар системасын, жашоо мүнөзү жана ой-жүгүртүү өзгөчөлүктөрүн шарттады жана белгиледи; в) кыргыздардын салттуу маданияты социалдык жактан жабык, жергиликтүү жана өзүнүкү өзүнө толук жетиштүү маданиятты чагылдырып турат, ага өздүк баалуулуктарын, салттарын жана дүйнө таанымын ички трансляциялоо процесси таандык; г) кыргыздардын салттуу маданияты ыңгайлуу-ыңгайлаштыруучу стратегияга ээ (Э. Маркарян), ал коомдун ичиндеги маданий өзгөрүүлөрдүн, ошондой эле тышкы чөйрөнүн өзгөрүүлөрүнүн кыймылдаткыч күчү болуп эсептелет; д) салт – бул салттуу маданияттын жашоо шарты гана болбостон, ошондой эле анын өзү жана анын ордун басууну камсыз кылуу ыкмасы болуп эсептелет; е) жамаат (уруулук уюм) жана жамааттагы инсан көчмөн коомдук жамааттын ченемдик-баалуулуктарын ишке ашыруучу катары салттарды алып жүрүүчүлөр болуп эсептелет.

Функционалдык мамиле контекстинде кыргыздардын салттуу маданиятына мүнөздүү өзгөчөлүк, анын салттуу болмушунун иш-аракетинин негизги шарты жана ыкмасы болуп уруулук уюм эсептелет, ал этникалык жана экологиялык идентификациялоонун формасы катары кызмат кылат. Акыркысы өзүнүн табигый болмушун улантуучу катары ата-бабаларына калган аймак менен көчмөн адамдын өзүн-өзү идентификациялоосунда байкалат жана «Ата-Мекеним», «Ата-Журтум» сыяктуу белги-символдордо (К. Гирц), же социокоддордо (М. К. Петров) чагылдырылат, алардын негизги функциясы коддорду алып жүрүүчү катары ушул типтеги коомдун кайра жаралышын жана иш-аракетин камсыз кылуу. Коомдун бардык чөйрөсүн камтыган туугандык-уруулук башталыш жана ата журт идеясы менен байланышкан, уруулук аймактын ыйык объект катары кол тийбестиги, бүтүндүгү көчмөн коомдо ишенимдүү жол көрсөткүч катары кызмат кылат жана коомдун социалдык туруктуулугун коргоочу механизм болуп эсептелет.

Кыргыздардын салттуу болмушунун иш-аракети идентификациялоонун жана социалдаштыруунун ыкмалары катары этноэкологиялык,

этносоциалдык жана этномаданий салттар аркылуу гана эмес, ошондой эле баарынан мурда жамааттык (М. Хальбвакс) (уруулук – **О. Н**.) эс-тутум аркылуу ишке ашырылат, анда уруулук идеологиянын элементтери, уруулук иденттүүлүк, бүтүндүк, уруулук жана жеке аң-сезимдин бүтүндүгү жана биримдиги бекемделет, жамааттык жүрүм-турум үлгүлөрү калыбына келтирилет жана муундар аралык жана муундар ичиндеги өз ара аракеттешүү моделдери трансляцияланат.

Кыргыздардын салттуу маданиятынын баалуу-маңыздуу маалыматтар системасын фиксациялоо жана коддоо фольклор жана эпос, ырым-жырым жана үрп-адат, этикет жана турмуш-тиричилик, туугандык система сыяктуу ар түрдүү маданий тексттерде, ошондой эле материалдык маданият буюмдарында ишке ашырылат, аларда кыргыздардын дүйнө таанымынын этникалык көрүнүшү толук чагылдырылган. Кыргыздардын салттуу маданиятынын оозеки маданият катары маанилик өзгөчөлүгү күчтүү жамааттык эс-тутумга жана фольклорго негизделип, түздөн-түз коммуникациялык актыда муундан-муунга берилип келгендигинде. Оозеки чыгармачылыктын бардык формаларынын ичинен дал ушул эпикалык чыгармачылык, акырындык менен «гомогендүү монофольклордуулуктан» (К. В. Чистов) бөлүнүп чыгып, башка түрлөр менен бирге эле өнүгүү менен, өнүгүүнүн эң жогорку чегине жетип, кыргыздардын салттуу маданиятынын семиотикалык бүтүндүгүн камсыз кылып келет.

Ушундан улам, кыргыздардын салттуу маданияты жамааттын эс-тутумунда маалыматтарды түбөлүк калтыруу үчүн, оозеки тексттерди көз алдыга келтирүүгө жана трансляциялоого негизделген, белгилер-символдор системасы болуп эсептелет. Ал өзүнүн руханий тажрыйбасын жамааттын эс-тутумунда бекемдөө менен, ата-бабалардын өзүнүн урпактарына жөнөткөн сакралдык (ыйык) тексттери же билдирүүлөрү катары, оозеки маалыматты сактоо механизмин өркүндөттү жана «архивдештирди». Кыргыздардын оозеки салттуу маданияты белгилер-символдор системасы катары, ыйык текст болгон «Манас» эпосуна негизделген, аны баяндоодон өзүнчө бир маанилердин чоң килеми токулгандай, маанилердин генераторунун жана маданий эс-тутумдун кондесаторунун функциясын аткарат. Манасчылар – «эс-тутумдун генийлери» (Ю. М. Лотман), – эң чоң көлөмдөгү оозеки маалыматты көз алдыга келтирүү талантына ээ болгон адамдар, жамааттык эс-тутумдун тирүү образдары гана эмес, «Манас» эпосу менен ушул текстти кабыл алуучу, чечмелөөчү угуучулардын ортосуна байланыш түзүүчүлөр.

Социалдык-философиялык талдоо жүргүзүүнүн негизинде төмөнкүдөй аныктама сунушталат: *кыргыздардын салттуу маданияты* – бул тарыхый жана экологиялык жактан шартталган, синкретикалык көз караш менен мүнөздөлгөн жана кийинки муундарга идеалдуу үлгү катары өзүнүн жамааттык тажрыйбасын жана маданий өзгөчөлүгүн көчүрмөлөөгө, сактоого жана трансляциялоого багытталган көчмөн социумдун табигый абалы.

Кыргыздардын салттуу маданиятынын топтоштуруучу негизи же «борбордук зонасы» (Э. Шилз) болуп кылымдар бою топтолгон негизги жашоо образы жана маданий символдору, руханий баалуулуктары жана жамааттык эс-тутумдун архетиптери, этикалык стандарттары жана жүрүм-турум эрежелери, элдик билимдер жана экологиялык маанилүү идеялары эсептелет, алар ырым-жырымдар, үрп-адаттар, тилдик тажрыйба, буюмдар, оозеки чыгармачылык жана белги-символдор аркылуу муундан-муунга берилип келет.

***«Салттуу маданияттын символдук табияты»*** деп аталган үчүнчү параграфта салттуу (архаикалык) маданият баштан аяк символдуулукка ээ экендиги, ал эми символ байыркы, универсалдуу жана салттуу маданияттын чегинен чыгып, жалпы адамзаттык тажрыйбага таянаары жөнүндө жобого негизделүү менен, автор тарабынан салттуу маданияттын символдук табиятын ачууга гана аракеттер эмес, ошону менен бирге эмне үчүн дал ушул символдор, мифологиялык ой-жүгүртүү майданында түзүлүп, миңдеген жылдар бою салттуу болмуштун маанилик (онтологиялык) негизин түзүп келе тургандыгын; эмне үчүн салттуу адам өзүнүн болмушун символдук реалдуулуктун мейкиндиги катары карай тургандыгын негиздөөгө аракеттер жасалган. Философиялык талдоо жүргүзүүнүн негизинде «символдуу дүйнө» түшүнүгү киргизилип, анын мааниси ачылып берилди.

Биздин ата мекендик философия илиминде символдуулук феномени жана кыргыздардын салттуу маданиятында аны трансляциялоонун ыкмалары системалуу бүтүндүк катары, өзүнчө, өз алдынча социалдык-философиялык маселе катары каралган эмес. Ошондуктан бул иш ушул кемтикти толуктоого болгон аракет болуп эсептелет. Ошол эле мезгилде белгилей кетүү керек, көчмөн аң-сезимдин символдук табиятынын өзгөчөлүктөрүнүн айрым аспектилери, мифологиялык-поэтикалык ой-жүгүртүү, улам өсүп бара жаткан этникалык иденттүүлүктүн жана ааламдашуу процесстеринин контекстинде символдордун жана мифтердин ролу, ошондой эле кыргыздардын социалдык жана этносоциалдык эс-тутуму феноменине символдуулуктун таасири тууралуу маселелерге кайрылып келишкен. Булар С. М. Абдрасулов, Ш. Б.Акмолдоева, Г. А. Бакиева, А. К. Джусупбеков, К. Б. Ибраимов, К. К. Молдобаев, Ж. К. Урманбетова сыяктуу заманбап кыргыз изилдөөчүлөрүнүн эмгектери, алардын эмгектери коюлган милдеттерге жетүү үчүн теориялык жактан маанилүү роль ойноду.

Архаикалык маданият үчүн символ дүйнө таануу жана өздөштүрүүнүн маанилүү ыкмасы, ал эми символдуулук – ушул маданияттын өзүн-өзү көрсөтүүсүнүн жана көрүнүшүнүн иманенттүү ыкмасы болуп эсептелет. Символдоштуруу адамзаттык аң-сезимдин байыркы сапаты жана адамзатка гана тиешелүү жөндөмдүүлүк катары, мифологиялык ой-жүгүртүү майданында жазууга чейинки доордо эле пайда болуп, адамдын дүйнөнү жана өзүн-өзү акылдан тыш, ички-туюм менен таануу процесси катары терең

байыркы табиятка ээ. Символдоштуруунун башкы компоненти болуп, адамзаттык аң-сезимдин байыркы касиети катары «символ» түшүнүгү эсептелет, анда предметтик образ жана терең мазмун эки уюл катары, бирибирисиз мааниге ээ эмес. Бирок архаикалык дүйнө тааным үчүн символдук образ жана анын терең мааниси окшош («бирдей бөлүнгөн бүтүндүк», А. Ф. Лосев) болуу менен, символду ар кандай түшүнүүнү жокко чыгарат.

Символдор адамга курчап турган реалдуулукту жана өзүн-өзү түшүнүү үчүн гана эмес, ошондой эле сакралдык чындык менен эмоционалдык жана руханий байланышты кармап туруу үчүн да керек. Символдордун жардамы менен адам өзүн жана курчап турган чөйрөнү таанып билет, символдордо ал Аалам тууралуу жана өзүн ушул ааламдын бир бөлүгү катары билимин топтоштурат жана бекемдейт, муну менен ал сакралдуу чындыкка өзүнүн тиешеси бар экендигин сезет. Демек, символ маданияттын универсалдуу категориясы катары, символдук чындыкты түзүүчү жана экзистенциалдуу толукталган маанини алып жүрүүчү, салттуу адамдын сакралдык тажрыйбасына аппеляция кылуучу катары, адам менен сакралдык чындыктын, сакралдык чындык менен адамдын ортосунда байланыштыруучу болуп кызмат кылат.

Салттуу жамааттын окуяларына чыныгы болмуш символдор аркылуу гана эмес, ошондой эле жамаат менен сакралдык дүйнөнүн ортосун байланыштыруучу, ата-бабалардын социалдык тажрыйбасына үйрөтүүчү ырым-жырымдар аркылуу да берилет. Ырым-жырым, жамааттык иш-аракеттин символикалык формасы болуу менен, салттуу коомдун коммуникациясынын символикалык системасы катары, салттарды өткөрүп берүү, трансляциялоо милдетин аткарат. Бул мааниде ал жамааттык тажрыйбаны өткөрүп берүү ыкмасы жана жамааттык эс-тутумдун формасы гана болбостон, уруулук коомдо тартипти сактоонун, анын уруулук коом катары өзүн-өзү калыбына келтирүүсүнүн ыкмасы да болуп эсептелет.

Символ, миф, архетип жана ырым-жырымдар ички биримдикке ээ болуу менен, маанилик (онтологиялык) негизди, же, М. Элиаданын сөзү менен айтканда, «салттуу коомдун метафизикасын» түзүүчүлөр болушат, салттуу адамдын бүткүл жашоо мейкиндигин толтурушат, универсалдуу жана жалпы туруктуу белгилерди түзүшөт, алардан салттуу болмуштун универсуму түзүлөт. Салттуу коомдун адамынын ар түрдүү көрүнүштөрдөгү жашоо-турмушу – сакралдык (ыйык), профандык (күнүмдүк), руханий жана социалдык (салттуу-жамааттык) – символдук маани менен толукталып турган. Салттуу маданияттын ушул тармактарынын бардыгы ажырагыс биримдикте болуу менен, символдошкон Ааламды билдирген, салттуу адам өзүнүн болмушун символдук чындыктын мейкиндиги катары кабыл алган, дал ошондон Ааламдагы өзүнүн чыныгы экзистенциалдык жашоосуна түшүнгөн. Мына ушундан улам, анын сакралдык жана күнүмдүк жашоосунун бардык аспектилери, бардык жашап өткөн жана жашай турган

рухий чындык анын дүйнө таанымында «символдук чындык», же «символдук дүйнө» болуп көрүнөт.

«Символдук дүйнө», «жашоо дүйнөсү» сыяктуу эле (Э. Гуссерль), төмөнкү субъективдүү жана объективдүү чындыктын кесилишкен жери деп түшүндүрүлөт: адамзаттык түшүнүк, тажрыйба жана жүрүм-турум, бир тараптан, жана кабыл алуучу индивидге тышкы социалдык түзүмдөрдүн таасир этүүсү – экинчи тараптан. *«Символдук дүйнө»* – бул табигый жашоо мейкиндиги жана бирдиктүү рухий Космос, анда салттуу маданияттын адамы жашайт жана аракеттенет, түзөт жана тартипке салат, өзү жана курчап турган чөйрө тууралуу ой жүгүртөт. Салттуу адамдын өзү түзгөн жана анын таанып-билүү ишмердигинин жыйынтыгы болуп эсептелген символдук реалдуулук анын жашоосу үчүн өтө маанилүү жана рухий тажрыйбаны, сакралдык билимдерди, жамааттык эс-тутумдун архетиптерин, символдордогу, мифтердеги, ырым-жырымдардагы жана оозеки чыгармачылыктагы ата-бабалардын мыйзамдарын муундан-муунга тынымсыз трансляциялоо жана бекемдөө, сактоо аркылуу өзүнүн жашоо маңызын, бул жашоодогу милдетин түшүнүү үчүн керек.

**«Символдун жана символдуулуктун классикалык жана заманбап концепциялардагы жана изилдөө методологияларындагы табияты жана маңызы»** деп аталган, өз ичине үч параграфты камтыган экинчи бап классикалык жана заманбап концепциялардагы белгиленген түшүнүктөргө философиялык талдоо жүргүзүүгө жана чечмелөөгө арналган. Автор символдун аныктамаларынын көптүгүн жана анын табиятына карата бир түрдүү ой жүгүртүүнүн жоктугун эске алуу менен, символдуулук феноменин салттуу маданиятта аны трансляциялоонун ыкмаларын ачып берүүдө теориялык-методологиялык негизди түзгөн концепцияларга жана методологияларга талдоо жүргүзүүнү максаттуу деп эсептейт. Маселени мындай коюу менен ушул главада философиялык символизм концепциясы (Э. Кассирер, А. Ф. Лосев, П. А. Флоренский), К. Г. Юнгдун психоаналитикалык концепциясы, салттуулук теориясы жана М. Элиаданын феноменологиялык-герменевтикалык методологиясы, К. Леви-Строcстун структуралисттик концепциясы жана москвалык-тартусттук мектептин структуралык семиотикалык мамилеси базалык болуп эсептелет

***«Классикалык философиялык традицияда жана философиялык символизм концепциясында символду жана мифти иштеп чыгуу»*** деп аталган биринчи параграфта символдун жана мифтин табиятынын жана маңызынын фундаменталдык маселелери ачылып берилет, алар бүткүл классикалык философиялык ой жүгүртүүнүн жана философиялык символизм концепциясынын тарыхында дайыма коюлуп жана талкууланып келген, бирок өзүнүн философиялык иштелмесин жана түшүнүүнү неоплатониктердин мектебинде гана, Прокл жана Плотиндин көз караштарынан алган.

Антикалык доордо «символ» сөзү баштапкы маанисинде бирдиктүүнү бөлүү жана эки маанини бириктирүү дегенди билдирген. Ушундан улам, символ эки түрдүү табиятка ээ, бир тараптан заттардын, кубулуштардын ички маанисин ачып берет, экинчи тараптан – мааниге, маңызына, образга көрсөтмөлүк-сезилүүчү форманы берет.

Символду жана символдук көз карашты изилдөө немецтик классикалык философиянын контекстинде жаңы философиялык ой-жүгүртүүнү пайда кылды, тактап айтканда И.Канттын трансцеденталдык философиясында биринчи жолу туюм менен ой-жүгүртүүнүн белгилүү бир түрү катары символдун табиятынын философиялык рефлекциясы жүзөгө ашырылды жана маданият жөнүндө илимдерде символизм изилдөө методу катары каралды. Андан соң символду жалпы жана жекенин абсолюттук теңдештиги катары кароо, бул өзгөчө мифологияда жана искусстводо толук ачык көрүнө тургандыгы абсолюттук идеализмдин көз карашынан Ф. В. Шеллинг тарабынан улантылган. Андан ары Г. В. Ф. Гегель түшүнүктүк, категориялдык ой-жүгүртүү позициясынан алып караганда символду мазмундун жана форманын диалектикалык бирдиги катары эсептеп, бул искусствонун мифологиялык тепкичинде гана өзүн көрсөтөт, жана анын белги менен өз ара байланышы бар экендигин айткан.

XX кылымда символду болмуштун, ой-жүгүртүүнүн, инсандын жана маданияттын баштапкы негизи катары изилдөөнүн философиялык традициясы, ошондой эле символду рухий реалдуулукту түшүндүрүүнүн универсалдуу ыкмасы катары кароо өзгөчө актуалдуулукка ээ болду. Мына ушуга байланыштуу заманбап илимий гуманитардык жана социалдык-философиялык ой толгоолор философиялык символизм, сиволикалык антропология сыяктуу символизм концепциясынан өзүнүн өнүгүүсүн тапты, символизм изилдөөнүн методологиясы катары структурализмде, семиотикада, психоанализде, герменевтикада колдонулган. Алардын ичинен өзгөчө орунду Э. Кассирердин, А.Ф. Лосевдин, П.А. Флоренскийдин философиялык символизми ээлейт.

Э. Кассирердин пикири боюнча , символдун жана символикалык ой жүгүртүүнүн маңызы төмөнкүдө: алар чындыкты таануу жана өздөштүрүү ыкмасы жана адамдын рухий ишмердигинин натыйжасы катары, сезимдик тажрыйба дүйнөсүнө ээ болуу максатында адам менен дүйнөнүн, идеалдуу менен реалдуунун, түшүнүктүүлүк менен сезимталдуулуктун, боло турган менен чындыктын ортосуна байланыш түзөт. Символдук ой-жүгүртүүнүн негизинде түзүлгөн символдук формалар – бул адамды дүйнөдөн ажыратуучу жана ошол эле мезгилде адам менен дүйнөнү бириктирүүчү каражаттар. Символ дүйнөнү пассивдүү эмес формада чагылдырат, бирок аны активдүү жаратат, руханий субстанциядан болмушту жаратат. Демек символ реалдуулукту көрсөтүүчү гана эмес, реалдуулуктун өзү болуп эсептелет. Адам символдуу реалдуулукта жашайт, символдорду жаратат

жана аларды пайдаланат, аларсыз дүйнөнү маданий өздөштүрүү процессинин болушу, деги эле дүйнө жөнүндө кандайдыр-бир түшүнүктү иштеп чыгуу мүмкүн эмес. Кассирердин пикири боюнча, символ архаикалык ой жүгүртүүнүн ажырагыс бөлүгү катары, өзүнүн толук чагылышын дал ушул мифтен табат. Миф өз кезегинде, сезилүүчү маалыматтарды символикалык объективдештирүүнүн, байыркы адам тарабынан дүйнөнү символикалык өздөштүрүүнүн жана моделдөөнүн өзгөчө ыкмасы катары символикалык тил болуп эсептелет, анын жардамы менен адамдын ички дүйнөсү жана Ааламда жашоо маңызы өткөрүлүп берилет.

Философиялык символизмдин өкүлү А.Ф. Лосевдин теориясы боюнча, миф символдун «ички жашоосу», ал эми символ мифтин «тышкы көрүнүшү» катары акылдан тыш менен аң-сезимдүүлүктүн, табигаттан тышкары менен табигыйлыктын, турмушка ашырылбай турган менен реалдуулуктун, иррационалдык менен рационалдуулуктун, алогикалык менен логикалыктын диалетикалык биримдигин билдирет.

Мифологиялык символизмдин негизин түзгөн символ менен мифтин диалектикалык биримдиги зат менен анын касиетинин ортосундагы (бүтүн менен бөлүктүн), буюм менен аны билдирген сөздүн ортосундагы, адам менен анын атынын ортосундагы, образ менен идеянын ортосундагы бирдейликте көрүнөт . Өз кезегинде символ жана миф диалектикалык биримдик катары инсан менен биригет, ал эми инсан – ат. Лосевдин пикири боюнча, инсандык символ болгон ,дал ушул атта мифтин маңызы көрүнөт. Бул мааниде ат- бул символ жана адамдын мифи.

П. А. Флоренскийдин конкреттүү метафизикалык көз карашы боюнча, символ конкреттүү-сезилүүчү кубулушта рухий маанинин аналогу жана анын дал өзү катары жердеги (профандык) жана трансценденттик (сакралдык) дүйнөнүн ортосундагы ортомчу катары кызмат кылуу менен, адамга сезимдик тажрыйбанын чектерин жеңип өтүүгө жана сакралдык реалдуулук чөйрөсүнө кирүүгө мүмкүндүк берет. П. А. Флоренскийдин пикирине ылайык, символ аркылуу «ааламдын жаракаларын» же «көгүлтүр түбөлүктүүлүктү», б.а. ааламдан тышкаркы, ыйык дүйнөнүн маанилерин жана символдорун көрүүгө болот. Мына ошентип, А. Ф. Лосевдин жана П. А. Флоренскийдин философиялык символизм концепциясына ылайык символдун мааниси жана табияты, дүйнөнүн антологиялык мааниси жана чындыкты өзгөчө кайра иштетүү катары, анда идея таанылат, болмуштун, чындыктын жетиштүүлүгүн түшүнүүгө болот, анын жардамы менен тар реалдуулуктун чектери кеңийт жана таза субъективдүүлүктөн жалпыга жана чындыкка чыгуу ишке ашырылат.

***«К. Г. Юнгдун психоаналитикалык философиясында жана М.Элиаденин традиционализм концепциясында символдун, мифтин жана архетиптин табияты жана маңызы»*** деп аталган экинчи параграфта аталган концепциялардын өкүлдөрүнүн көз караштары талдоого

алынат жана салыштырылат. «Жамааттык акылга сыйбаган» жөнүндө теориянын негиздөөчүсү К. Г. Юнгдун көз карашынан алып караганда, символдор, мифтер жана архетиптер, реалдуулукту өздөштүрүүнүн байыркы акылга сыйбаган түзүмдөрүнүн феномени катары, байыркы адамдардын жан дүйнө (психикалык) жашоосун чагылдыруучу жана жамааттык акылга сыйбаган мазмунду түзүүчү катары, маданияттын генетикалык коду жана бүткүл адамзаттын жамааттык эс-тутуму болуп эсептелет. Алар жамааттык акылга сыйбоочулуктун тереңинде жатуу менен өзүнүн табияты жана келип чыгышы боюнча ички субстанционалдык жана функционалдык биримдикке, жалпы жана туруктуу мүнөзгө ээ, ошону менен социомаданий тажрыйбаны трансляциялоонун универсалдуу ыкмасы болуп калышат. Архетиптердин маңызы жана табияты татаал феномен катары символдордон айырмаланып, эң зор энергияга ээ, эволюция процессинде психикалык праформадан, архаикалык универсалдуу прообраздардан жамааттык акылга сыйбоочулуктун терең маданий механизмине кайра түзүлөт. Жамааттык эс-тутум менен өздөштүрүлгөн, архетиптер жана символдор мифтерде, ырым-жырымдарда, үрп-адаттарда, тыюу салууларда, фольклордо, элдик билимдерде, жыл саноолордо белгиленет жана берилет, муну менен этникалык жана маданий бүтүндүк катары жамааттын тирүү калуу жөндөмдүүлүгүн камсыз кылат. Бул багытта архетиптер жана символдор универсалдуу мифологиялык образдар катары өткондон азыркы учур аркылуу келечекке тигил же бул этностун ченемдик-баалуулук багытын трансляциялоонун ыкмалары болуп эсептелишет жана ар кандай маданияттардын терең мазмунун ачып беришет.

Белгилүү дин жана маданият тарыхчысы, француз философу М. Элиаде адамзаттык маданиятты жана ой-жүгүртүүнү, аларда терең катылган мифологиялык булактарды издөөдө жерден тыш жана убакытка баш ийбеген, салттуу адам үчүн жападан-жалгыз чыныгы реалдуулук болуп эсептелген прообраздар жана символдор катары, өзүнүн архетиптер теориясын иштеп чыгат. Элиаденин пикири боюнча, салттуу маданияттын адамы көпчүлүк учурда убакытты циклдүү кабыл алуу менен жашайт, мифологияда байкалган жана ырым-жырымдарда жана тойлордо бекемделген бул убакытты ал мифтик же сакралдык убакыт деп атайт. Мифтик же сакралдык убакыт адамзаттык жашоонун баалуулугун аныктайт, адамзаттык болмушка эң мыкты шайкеш келет жана профандык тарыхый убакытка карама-каршы келет.

Кадыресе турмуш менен (профандык) сакралдык (ыйык) жашоонун ортосундагы байланыш «дүйнөнүн борборунда» – символдуу жерде (сакралдык мейкиндик) ишке ашырылат, анда асман жерге тийип турат, салттуу адамдын аң-сезиминде мына ушундай дүйнөнүн борбору болуп курулма, үй, турак-жай, көчмөндөрдө боз үй эсептелет.

Элиаденин пикири боюнча, символ болмуштун экзистенциалдык жана метафизикалык мааниси катары мейкиндикти (ландшафты, аянтты, турак-жайды) космостоштурууда салттуу адамдын мааниге багыттоочу каражаты

катары , сакралдык жана профандык дүйнөнүн ортосунда байланыш түзүүнүн ыкмасы катары кызмат кылат. Символдордун жана мифтердин жардамы менен салттуу коомдун адамы экзистенциалдык жана метафизикалык баалуулуктарды үйрөнөт, жеке кырдаалдан жогору туруп, өзү үчүн жалпыны жана универсалдууну ачат. «Ыйык тарых» катары мифтин мааниси дүйнөнү кудайлар, ата-бабалар жаратkандыгы тууралуу баяндоолордо гана көрүнбөстөн, ошондой эле эң биринчи кезекте миф ырым-жырымдын жардамы менен «баарынан мурда» жашаган кудайлардын же каармандардын иш-аракетин жаратуу акты катары көрсөтөт, муну менен жамааттын эс-тутумунда өткөндү жандандырып, ата-бабалардын магиялык-диний тажрыйбасына үйрөтөт. М. Элиаденин оюу боюнча мифтин жана ырым-жырымдын мааниси баалуу маанилерди жана символдорду трансляциялоодо гана эмес, космостук жана социалдык тартипти, сакралдык жана профандык дүйнөнүн ортосунда шайкештикти орнотууда да көрүнөт.

Ушул концепцияларга талдоо жүргүзүү көрсөткөндөй, аң-сезимдин акылдан тыш түзүмдөрү, көмүскөдөгү мифологиялык булактар, архетиптик образдар, сакралдык символдор аркылуу гана салттуу адам жогору турган тартиптин чындыгына, өткөндүн сакралдык тажрыйбасына үйрөнөт, алар анын рухий тажрыйбасын түзүү менен, адамзаттык табиятын чыныгы, экзистенциалдык мааниге толтурат.

***«Структуралисттик жана структуралык-семиотикалык концепцияларда жана изилдөөнүн методологияларында символдун жана символдук ой-жүгүртүүнүн мааниси»*** деп аталган үчүнчү параграф символдун жана аң-сезимдин символдук функцияларынын табиятына жана маанисине талдоо жүргүзүүгө, ошондой эле аталган концепцияларда жамааттык эс-тутумдун механизми катары символдун маанисин ачып берүүгө арналган.

Структуралык антропология концепциясынын негиздөөчүсү К. Леви-Стросс Э. Кассирердин аң-сезимдин «символдук функциялары», К. Г. Юнгдун жамааттык акылга сыйбастык жана Ф. де Соссюрдун тил белгилердин системасы катары жөнүндө идеяларына негизделүү менен, белгилер системасын (символдук функцияларды), алардын көмүскө механизмдерин изилдеген жана алар аркылуу салттуу ой-жүгүртүүнүн иштөө мыйзамын аныктаган. Француз философу, маданиятты адамдын ишмердигинин феномени катары таанып, адамдын аң-сезиминин структурасын символдук ишмердик катары тилдин структурасы менен теңдештирип, салттуу коомдун адамына түздөн-түз анын тажрыйбасында реалдуулук берилбегендиги, ал символикалык функцияга ээ болгон тил аркылуу гана берилерин ырастайт. Тил символдор системасы катары ырым-жырымдарды, мифтерди, адамдын ар кандай абалын, анын ичинде туугандыкты, ооруну, аны дарылоонун ыкмаларын түшүндүрөт. Салттуу коомдун адамы үчүн реалдуу болмуш чөйрөсү жана маанилер чөйрөсү чектеген эмес, окшош болуу менен

символдук реалдуулукту билдирет. Символ семиотикалык феномен катары, ички «Мен»ди репрезентациялоонун, акылга сыйбаган структуралардын продукту катары, тил аркылуу аң-сезимге орноп, маанилүү баалуулукка жана чындыкка магиялык таасир этүү касиетине ээ болот. Акылга сыйбаган структураларды адекваттуу чагылдыруунун мисалы болуп миф эсептелет, анын структурасы уланмалуу, бир карама-каршылыктын (бинардык оппозиция) экинчиси менен алмашуусу. К. Леви-Строфстун пикири боюнча, мифтин структурасын биринин артынан бирин орнотуу менен, ошол эле учурда акылга сыйбастыктын структурасын, б.а. ушул мифти түзгөн элдин менталдуулугун аныктоого болот.

Структурализмдин теориялык жоболору өзүнүн өнүгүүсүн москвалык-тартустук мектептин структуралык-семиотикалык концепциясынан тапкан, бул мектеп символду тексттин архаикалык формасынан чыккан жана жамааттык эс-тутумдун механизми катары символдун табияты жөнүндө ой-толгоолорду кеңейткен. Структуралык-семиотикалык методологиянын көз карашынан алып караганда маданияттын, анын ичинде салттуу (архаикалык) маданияттын мааниси, жаматтык эс-тутум катары, айрым билдирүүлөрдү (тексттерди) сактоонун жана өткөрүп берүүнүн жана жаңыларын иштеп чыгуунун механизми катары символдордо ачык байкалат. Бул мааниден алып караганда салттуу коомдун жамааттык оозеки эс-тутумунун вербалдык жана вербалдык эмес, коммуникативдик жана трансляциялык процесстерин ишке ашыруунун механизми болуп, символ эсептелет. Ошого ылайык, салттуу (архаикалык) маданият баштан аяк символдуулукка ээ жана тынымсыз аракеттенүүчү символдор системасы болуп эсептелет, ал эми символ өз кезегинде, жалпы адамзаттык маданияттын элементи катары, маданияттын коммуникативдик мейкиндигинин жана анын маанилерин жана баалуулуктарын муундан муунга трансляциялоонун олуттуу бөлүгү болуп эсептелет, муну менен салттуу маданиятта жаматтык эс-тутумдун мазмунун өткөрүп берүүнүн маанилүү механизми катары кызмат кылат.

Ю. М. Лотмандын пикири боюнча, символдун табияты жана маңызы, аң-сезимдин жана маданияттын архаикалык катмарларынан чыккан, өзүнчө бир семиотикалык конденсатор же жамааттык эс-тутумдун механизми катары, анын «өтө эле кеңири жана маанилүү тексттерди жыш түрдө сактоо жөндөмдүүлүгүндө» [*Лотман, Ю. М.* Символ в системе культуры // *Лотман, Ю. М.* Семиосфера: Культура и взрыв. Внутри мыслящих миров. Статьи. Исследования. Заметки (1968–1992) – СПб.: Искусство–СПБ, 2010. – С. 241] жана аларды муундан муунга трансляциялоодо көрүнөт. Символ универсалдуу, жалпы кубулуш жана маданий эс-тутум катары өзүнчө бир терең коддоочу түзүлүш же «текст түрүндө ген» болуп эсептелет.

Ю. М. Лотмандын символдун семиотикалык теориясына талдоо жүргүзүүдөн улам, символдун табияты жана манызы жалпы адамзаттык маданияттын татаал элементи катары жана маданияттын коммуникативдик

мейкиндигинин, анын маанилерин жана баалуулуктарын муундан муунга трансляциялоонун олуттуу бөлүгү катары, анын амбиваленттүүлүгүндө – туруктуулугунда жана өзгөрмөлүүлүгүндө көрүнөрүн билсек болот. Бир жагынан, символдун дал ушул маданияттын туруктуу элементи болуу мааниси салттуу коомдун жамааттык эс-тутумунда социалдык, маданий жана этникалык тажрыйбаны трансляциялоонун тирүү формасы катары баштапкы образдарды жана архетиптерди сактоого мүмкүндүк берет, муну менен анын биримдигин жана бүтүндүгүн сактоо функциясын аткарат. Башка жагынан алганда, символ, баалулук-манилүүлүк маңызды өзүнө топтоштуруп, ошону менен бирге медиация функциясын аткарат же маданияттын ар кандай катмарларынын ортосундагы байланышты түзүп, көп маанилүү, вариативдүү жана маалыматка жыш толгон жамааттык эс-тутумдун механизми болуу менен, өзүн келечек мааниси эч качан бүтпөгөн кубулуш катары ачып берет.

Классикалык жана заманбап концепциялардагы символдун жана символдуулуктун табиятына жана маңызына философиялык талдоо жүргүзүү көрсөткөндөй, каралган концепциялардагы теориялык-методологиялык көрсөтмөлөрдөгү айырмачылыктарга карабастан, аларды жалпы бир көз караш бириктирип турат: символдуулук феноменин руханий, социалдык жана маданий болмушту чагылдыруу катары гана эмес, салыштырмалуу өз алдынча реалдуулук катары, ал эми символду жамааттык эс-тутумду, мифологиялык образдарды, архетиптерди, маданий маанилерди жана баалуулуктарды муундан муунга трансляциялоонун маанилүү ыкмасы катары эсептөөлөрүндө көрүнөт.

**«Символдуулук жана аны салттуу маданияттын адамынын сакралдык жана профандык жашоосуна трансляциялоонун ыкмалары» деп аталган** үч параграфтан турган үчүнчү бап кыргыздардын салттуу маданиятынын адамынын сакралдык жана профандык жашоосундагы символдуулуктун маңызын жана маанисин жана ырым-жырым, салттуу тойлор жана буюмдар аркылуу аны трансляциялоонун ыкмаларын ачып берүүгө арналган.

***«Ырым-жырым кыргыздардын салттуу маданиятында жамааттык баалуулуктарды трансляциялоонун ыкмасы жана символ катары»*** деп аталган биринчи параграфта Э. Дюркгейм тарабынан негиз салынган жана Э. Кассирер, М. Мосс, А. ван Геннеп, Р. Кайуа, М. Элиаде, ошондой эле А. К. Байбурин, М. С. Евзлин, В. Н. Топоров ж.б. тарабынан өнүктүрүлгөн дүйнөнү сакралдык жана профандыкка бөлүү салты, жүрүм-турумдун символикалык формасы жана салттуу коомдун жамааттык баалуулуктарын трансляциялоо ыкмасы катары ырым-жырымды үйрөнүүдө зор методологиялык мааниге ээ экендигине өзгөчө көңүл бурулат.

Адамдын болмушун сакралдуу (ыйык-аксиологиялык мааниде) реалдуулукка жана профандыкка (күнүмдүк) бөлүү – салтттуу маданияттын

универсалдуу, жалпы адамзаттык жана маңыздык өзгөчөлүгүн түзүү менен, негизги координат системасын аныктайт, анын алкагында диний-мифологиялык, баалуулук-маңыздык, адеп-ахлактык, эстетикалык элестер, жаматтык тажрыйба жана социалдык жүрум-турум эрежелери келип чыгат, жашайт жана өнүгөт.

Салттуу маданиятта сакралдык дүйнө дайыма коомдун жамааттык жашоосу менен байланышкан, жамаат тарабынан сунушталган кубулуштар гана ыйык болуп эсептелген. Профандык дүйнө күнүмдүк жашоо, турмуш-тиричилик, эмгек, жамааттык өндүрүш менен байланышкан, алар ырым-жырым системасы аркылуу гана салттуу коомдун адамынын жогорку, сакралдык баалуулуктарынын катарына кирген. Ошондой эле сакралдык жана профандык дүйнөнүн дихотомиясы ырым-жырымдагы практикалык жана символикалык аспектилер менен тыгыз байланышкан, алар майда бөлүктөргө бөлүнбөгөн түрдө болуу менен, универсалдуу мүнөзгө ээ, бирок ошол эле мезгилде дал ушул символикалык аспект ырым-жырымга баалуулукту жана маанини берет.

Көчмөндөрдүн социалдык болмушунун экзистенциалдык маңызы жана кыргыздардын салттуу маданиятында символдуулук феномендинин көрүнүшү - жамааттык жүрүм-турумдун символдорго жыш толгон формасы катары, жамааттык баалууктарды трансляциялоочу жана ата-бабалардын сакралдык жана социалдык тажрыйбасына үйрөтүүчү - ырым-жырымдар аркылуу ишке ашырылат. Бул изилдөөдө кыргыздардын салттуу маданияты, кандайдыр бир тең салмактуулукка ээ биримдик катары көрүнөт, анда сакралдык жана профандык маанилер тыгыш байланышта болот, булардын чектери даана байкалбайт, анткени алар дүйнөдө болмуштун эки образын, салттуу адам тарабынан кабыл алынган эки жашоо формасын чагылдырат.

Адам үчүн ыйык дүйнөгө болгон мамиле, сөзсүз түрдө, маанилүү, бирок муну менен күнүмдүк жашоонун баалуулугу кымындай да кемип калбайт. Бул жагынан алып караганда кыргыздардын салттуу маданияты адам менен уруулук жамааттын ортосунда түзүлгөн социалдык мамилелердин модели же системасы катары көрүнөт, ал тигил же бул кырдаалдарда кандай аракет жасаш керектигин (профандык жана сакралдык жашоо чөйрөсүндө), уруулук жамааттын ичинде кантип туура мамиле түзүш керектигин аныктайт. Дал ушул мезгил мезгили менен кайталануучу ырым-жырымдардагы, үрп-адаттардагы иш-аракеттердин жардамы менен уруунун түзүмү, ата-бабалар тарабынан бекитилген баштапкы социалдык мамилелер системасы кайра кайталанат жана уруунун табигый объектилер (ыйык тоолор, дарыялар, көлдөр, өзөндөр, маданий курулмалар, дөбөлөр, уруунун көрүстөнү) менен байланышы калыбына келтирилет. Мындан тышкары дал ушул ырым-жырымдык тажрыйбалардын жардамы менен көчмөн коомдогу салттуу нормалардын туруктуулугу, социалдык мамилелердин баалуулук-тары жана принциптери кайра калыбына келет жана актуалдашат. Кылымдар

бою иштелип чыккан ырым-жырымдык, үрп-адаттык тажрыйба өзгөчө бир белгилик-символдук система болуп эсептелет, анын жардамы менен социум жаматтык эс-тутумда коом ичиндеги социалдык түзүмдү жана социалдык өз аракеттешүүнүн формаларын калыбына келтирет, муну менен жаматтык сезимдерди бекемдөөнүн натыйжалуу механизми болуп кызмат кылат.

Ырым-жырымдык, үрп-адаттык тажрыйбанын үлгүсү болуп, кыргыз элинин ырым-жырымы - аш эсептелет, анда бир кыйла толук символикалык формада салттуу болмуштун фундаменталдык жана жамааттык баалуулуктары калыбына келтирилет жана трансляцияланат, аш конкреттүү, бирок көчмөн маданиятты алып жүрүүчүлөрдүн символикалык жана социалдык жүрүм-турумунун бай фактысы катары, анын символикалык чөйрөсүнө чөмүлүүгө мүмкүндүк берет. Бул ырым-жырым өзүнүн социомаданий мааниси боюнча өлүк коюу-эскерүү салтынын чегинен чыгып, бай символикалык жана маалыматтык мааниге ээ, анын башкы семантикалык мааниси көчмөн коомдо салттуу социалдык мамилелердин актуалдуу-колдонулуучу нормаларын жана принциптерин символдук (кырдаалдык) кайра калыбына келтирүү аркылуу салттардын этникалык духун демонстрациялоо болуп эсептелет. Диссертацияда анын социомаданий мааниси жана өзгөчөлүгү Манас эпосунун этнографиялык, тарыхый, фольклористтик жактан гана эмес философиялык жактан да мазмундуу эпизоддорунун бири - «Көкөтөйдүн ашын» талдоого алуунун негизинде ачык көрүнөт. Ушул эпизоддо кыргыздар үчүн Каркыра өрөөнү – аш өткөрүүчү жер – убактылуу Дүйнөнүн Борборуна айланат (ыйык мейкиндик), мында символдуу түрдө дүйнөнүн бардык тарабы биригет, жана убакыт да токтоп тургандай, көчмөн коомдун жашоосун сакралдык жана профандык реалдуулукка бөлгөн ыйык убакыт куюлушуп турат. Аштын бардык катышуучулары ырым-жырым иш-аракеттеринин жардамы менен ыйык окуяга күбө болушат, муну менен ата-бабалардын салттарын үйрөнүп, ыйык дүйнө менен байланыш түзүшөт.

Диссертацияда белгиленгендей, «Көкөтөйдүн ашында» элдик мелдештер аркылуу жана эр жүрөк баатырлар, тактап айтканда, кыргыз баатыры Манас менен кытайлардын баатыры Коңурбайдын, кыргыз баатыры Кошой менен калмак баатыры Жолойдун кармашуулары учурундагы ырым-жырымдык жүрүм-турумдары аркылуу символдук формада бири-бири менен касташкан калктардын ортосундагы кагылышуу, күрөш, ички конфликт берилет. Кармашуунун жүрүшүндө баатырлардын ар биринин күчү, шамдагайлыгы, эр жүрөктүүлүгү гана сыналбастан, ошондой эле уруунун салттарына, идеалдарына жана баалуулуктарына берилгендиги да сыноодон өтөт. Муну менен ырым-жырым уруунун жашоо энергиясын мобилизациялап, социалдык тартипти бекемдөөгө түрткү берет жана биримдигин тастыктоого кызмат кылат. Уруулук топтор, өзүлөрүнүн сезимдерин, жашоо энергиясын бир кыйла жогорку тартиптеги ырым-жырымдык баалуулуктарга топтоштуруу менен, айрым карама-каршылыктарды жеңип чыгууга

жана көчмөндөрдүн фундаменталдык салттык принциптерин, ченемдерин жана коомдук идеалдарын бекемдөөгө багытталган агрессивдүү энергиядан символикалык жана социалдык жактан бошонууга мүмкүнчүлүк алышат.

Ырым-жырым, жамааттык баалуулуктарды трансляциялоонун ыкмасы болуу менен, социалдык топтун толук кандуу мүчөсү катары индивидди жамааттык жашоого тартууну, интеграциялоону ишке ашырат жана аны салттуу баалуулуктарга, адеп-ахлактык нормаларга жана «өткөөл ырым-жырымдар» (А. ванн Геннеп) же жашоо циклинин ырым-жырымдары аркылуу уруулук коомдун ичиндеги социалдык мамилелердин моделдерин үйрөтөт. Ырым-жырымдын символдук, трансляциялык жана коммуникативдик аспектилери социалдык стабилдүүлүктү жана салттуу социумдун туруктуулугун шарттайт, муну менен анын структураларынын бирдиктүүлүгүн жана бүтүндүгүн камсыз кылат.

«Сакралдык окуя жана социомаданий тажрыйбаны трансляциялоо ыкмасы катары кыргыздардын салттуу тойлорунун ырым-жырымдык-символдук табияты» деп аталган экинчи параграфта кыргыздардын салттуу тойлорунун ырым-жырымдык-символикалык табиятына талдоо жүргүзүүнүн негизинде салттуу маданияттын адамынын сакралдык жашоосундагы символдуулук көрүнүштүн феномени ачылып берилди.

Салттуу (архаикалык) маданияттын сакралдуу чөйрөсүнүн маанилик негизи катары тойлорго болгон ырым-жырымдык мамиле жана ырым-жырымдын символикалык мейкиндиги Э.Дюркгейм, А. ванн Геннеп, Р. Кайуа, А. Радклифф-Браун, В. Тэрнер, Дж. Фрэзер, М. Элиаде сыяктуу чет элдик окумуштууларында эмгектеринде, ошондой эле төмөнкү советтик жана россиялык окумуштуулардын эмгектеринде иштелип чыккан: А. К. Байбурин, М. С. Евзлин, В. И. Ерёмин, В. Н. Топоров, Д. М. Угринович ж.б. Тойлордун сакралдык окуя катары ырым-жырымдык-оюндук табияты Й. Хёйзингдин оюн концепциясында иштелип чыгып, андан ары өзүнүн өнүгүүсүн Л. А. Абрамяндын, Т. А. Апиняндын, А. И. Мазаевдин изилдөөлөрүнөн тапкан. Жогоруда саналып өткөн авторлордон тышкары сакралдык окуя, тарыхый жана социомаданий тажрыйбаны тарнсляциялоонун жана топтоштуруунун ыкмасы катары кыргыздардын тойлорунун ырым-жырымдык-символикалык табиятын концептуализациялоодо жалпы теориялык жана методологиялык негиз болуп М. М. Бахтиндин, Я. П. Белоусовдун, А. В. Бенифанддын, Р. Генондун, И. В. Гужованын, А. Я. Гуревичтин, К. Жигульскийдин, Н. Л. Жуковскаянын, Э. Финктин эмгектери эсептелди.

Биздин атамекендик тарыхый-этнография жана социалдык-философия илиминде көчмөн маданияттын бирдиктүү феномени жана рухий мурасы катары кыргыздардын салттуу тойлоруна ушул кезге чейин олуттуу маани берилбей келет. Ошону менен бирге кыргыздардын салттуу тойлорунун айрым аспектилери Кыргызстандын революцияга чейинки тарыхын жана маданиятын, «Манас» эпосун, ошондой эле календардык, үрп-адаттык, үй-

бүлөлүк-үрп-адаттык салттарды жана ырым-жырымдарды, элдик оюндарды, мелдештерди изилдөөгө байланыштуу С. М. Абрамзондун, Д. Айтмамбетовдун, Ч. Ч. Валихановдун, А. Джумагуловдун, Д. Омурзаковдун жана Ю. Мусиндин, Г. Н. Симаковдун, Б. Солтоноевдин, Ф. А. Фиельструп, Э. Черикбаевдин, А. О. Чотоновдун эмгектеринде, ошондой эле заманбап кыргыз изилдөөчүлөрү Ш. Б. Акмолдоеванын, Э. Ж. Жоробекованын, А. И. Токтосунованын жана Г. И. Токтосунованын, А. К. Илебаевдин, А. Ч. Какеевдин, Г. М. Касымалиеванын, А. Кочкуновдун, И. Молдобаевдин, М. А.Убукеевдин ж. б. эмгектеринде каралган.

Белгилей кетүү керек, ушул мезгилге чейин кыргыздардын майрамдык маданиятынын символикалары жана майрамдык ырым-жырымдардын жана оюндардын символикалык мейкиндиги иштелип чыкпаган бойдон калууда. Кеңири архивдик булактардын, тарыхый жана этнографиялык материалдардын негизинде, коомдук функциялар менен катар кыргыздардын элдик оюн-зоокторунун ырым-жырымдык функциялары ачылган жападан жалгыз эмгек болуп Г. Н. Симаковдун «XIX кылымдын аягындагы – XX кылымдын башындагы кыргыз элдин оюн-зоокторунун коомдук функциялары» аттуу эмгеги эсептелет.

Кыргыздардын салттуу маданияты «этникалык символ» катары көп сандаган календардык-үрп-адаттык, үй-бүлөлүк-үрп-адаттык (баланын төрөлүшүнө, үйлөнүү үлпөтүнө, өлүк коюуга байланыштуу) тойлорго бай, аларда рухий маданияттын диний-мифологиялык, ырым-жырымдык-символикалык, баалуулук-маңыздык, адеп-ахлактык-эстетикалык пласттары гана чагылдырылбастан, ошондой эле мал чарбачылыгын жүргүзүү, көчмөн жашоо мүнөзү жана коомдун уруучулук түзүмү менен байланышкан турмуш тиричиликтин салттуу аспектилери да чагылдырылган.

Тойлордун сакралдык жашоо менен байланышы салттуу маданияттын адамы үчүн фундаменталдуу болуп эсептелет, анткени дал ушул тойлордо өзгөчө абал түзүлөт – убакытка баш ийбеген жашоо, же «ошол учурдун түбөлүктүүлүгү» – ыйык (мифтик) мезгил (М. Элиаде), бул убакытта өткөндөгү мифтик окуялар ырым-жырымдардын жана үрп-адаттардын жардамы менен азыркы учурдагы мезгилге актуалдашат, кайра калыбына келтирилет. Тойлордо сакралдык окуя катары адам салттарга үйрөнөт, ата-бабалардын тажрыйбасына, алардын идеалдарына жана баалуулуктарына кайтат, муну менен экзистенциалдык маанилерди ырым-жырымдык символдук формада жамаатык эс тутумда калыбына келтирет жана жамааттык жүрүм-турумда объектештирет. Тойлор сакралдык окуя катары салттуу адамдын профандык жашоосуна эмоционалдык жактан жеңилдетүүчү элемент, социалдык ченемдерди жана тыюу салууларды алып салуучу психотерапевттик натыйжа гана бербестен, ошондой эле уруу жамааты менен эмоционалдык-символдук байланыш түзүп, ритмди жана убактылуу тартипке түшүү сезимин пайда кылат. Кыргыздардын салттуу

майрамдарынын, тактап айтканда, календардык майрам болгон Нооруздун жана аштын, сакралдык окуя катары мааниси жана идеясы, кризистик кырдаалды жеңип чыгууда, космостун, жаратылыштын жана адамдын жаңылануусунда жана космостун баш-аламандыкты, жакшылыктын жамандыкты, өмүрдүн өлүмдү жеңип чыгуусун бекемдөөдө турат. Ошого ылайык, тойлор салттуу маданияттын ырым-жырымдык-символикалык кубулушу катары жамааттык жашоонун жана адамдын өзүнүн идеалдарын жана баалуулуктарын жаңылоо, жарыялоо жана бекитүү фрмасын чагылдырат. Тойлордо ырым-жырымдар жана үрп-адаттар, оюндардын жана мелдештердин символикасы аркылуу жеке жашоодогу жана жамааттын өткөн тарыхындагы бир кыйла олуттуу окуялары белгиленет.

Кыргыздардын салттуу майрамдык маданиятынын сакралдык мааниси жана ырым-жырымдык-символдук табияты чоң ашта бир кыйла толук жана ырааттуу чагылдырылат, ашты «майрамдын тескериси» катары атоого болот, кыргыз тилинде *«аш»* өлгөндү эске түшүрүү) деген сөз семантикалык жактан *«той»* (той, майрам) – *той-аш* (той-өлгөндү эске түшүрүү) деген сөзгө шайкеш келет. Аш, көзү өткөндөргө жана ата-бабаларга сыйынуу, аларды ыйык тутуу менен байланышып, өлүм менен өмүрдүн кесилишинде болуу менен, болмуштун профандык жана сакралдык деңгээлдеринин ортосундагы өз ара аракеттешүүнү көрсөтөт, адамзаттык жашоонун бийик баалуулуктары боюнча өзгөчө маданиятка: экзистенциалдык-маанилик, ырым-жырымдык-символдук, ырым-жырымдык-оюн маданиятына көнүктүрөт.

Аш каадасынын негизинде ырым-жырымдык-үрп-адаттык жана ырым-жырымдык-оюн символу жатат, аш өзүнүн этникалык өзгөчөлүгү менен мүнөздөлөт жана анын бай жана терең мааниси каада-салт оюндарында жана мелдештерде ачылат. «Манас» эпосунда – «Көкөтөйдүн ашында» *ат чабыш, эр сайыш, оодарыш, балбан күрөш, таз сүзүш, төө чечмей, жамбы атуу* сыяктуу каада-салт оюндары жана мелдештер эмоционалдуу-эстетикалык жана көркөм-таасирдүү формада чагылдырылган, алар абалкы мезгилде терең ырым-жырымдык-символикалык мааниге ээ болуу менен, тарыхый жактан көчмөн-кыргыздардын ырым-жырымга, үрп-адатка бай жашоосунун ажырагыс бөлүгү болуп келген. Бирок XIX кылымдын аягында – XX кылымдын башында алар олуттуу денгээлде өзүлөрүнүн ырым-жырымдык, үрп-адаттык мазмунун жоготуп, элдик оюндарга жана коомдук маанидеги мелдештерге айланган.

Ат оюндарына кирген *ат чабыш,* кыргыздардын дээрлик бардык үй-бүлөлүк, уруулук тойлорунда милдеттүү түрдө өткөрүлүүчү, абдан кызыктуу оюн-зоок элементи болуу менен, өзүнүн ырым-жырымдык-символикалык маанисин жана ырым-жырымдык-үрп-адаттык функциясын дал ошол чоң ашта ачып берет, аш адатта салт боюнча ат оюндары менен ачылган жана жабылган (көр байге, кемеге байге, аламан байге). Ат оюндарынын ырым-жырымдык белгилери жана келип чыгуу булактары көчмөндөрдүн тээ алыскы

өткөнүнө барып такалат, ал мезгилде ат чабыш туздөн түз жакын адамынын өлүмү менен байланышкан кайгыны чагылдырган жана өлгөн адамды эскерүү, аны жерге берүү менен байланышкан ырым-жырымдын негизги элементи болгон. Мунун баары ат оюндарынын өзгөчө популярдуулугун жана алардын көчмөндөрдүн турмушундагы ырым-жырымдык маанисин, ошондой эле жылкы баласынын көчмөндөрдүн чарбалык жашоо-тиричилигинде жана аскердик турмушунда гана эмес, баарынан мурда сакралдык жашоосунда да чоң мааниге ээ экендигин түшүндүрүп турат.

Кыргыздардын ырым-жырымдык милдештеринин өзгөчөлүгүн мал чарбасын жүргүзүү, көчмөн мүнөздөгү турмуш-тиричилик менен байланышкан жашоосунун салттуу аспектилери гана түзбөстөн , баарынан мурда аларда көчмөн коомдун уруулук түзүмүнө мүнөздүү өзгөчөлүктөрү чагылдырылган. Салттуу коомдун этносоциоидентификациялоочу кубулушу жана жамааттык баалуулуктарды аккумуляциялоо жана трансляциялоо ыкмасы катары, тойлордо өтө каныккан символикалык формада, анын социалдык системасынын (уруулук түзүмүнүн) аракеттениши жүзөгө ашырылат, ошондой эле индивиддин социалдашуу процесси, анын жамаат менен консолидацияланышы жана тилектештиги натыйжалуу ишке ашырылат.

***«Буюмдун символикалык жана функционалдык болмушу. Кыргыздардын салттуу маданиятында буюм символ жана маданий маанилерди трансляциялоо ыкмасы катары»*** деп аталган үчүнчү параграфта буюмду маданияттын символикалык мейкиндигине киргизүү ыкмасы катары кыргыздардын салттуу болмушунун ырым-жырымдык тажрыйбасынан алынган мисалдардын негизинде, салттуу маданияттын жана маданий символдун маанилүү көз караштык категорияларынын бири катары буюмдун маңызы ачылып берилди. Буюмду смиволикалык жана функционалдык болмуштун символу катары изилдөөдө москвалык-тартусттук мектептин төмөнкү өкүлдөрү өздөрү иштеп чыккан структуралык-семиотикалык мамиленин негизинде салымдарын кошушту:

Вяч. Вс. Иванов, Ю. М. Лотман, В. Н. Топоров, Б. А. Успенский, Т. В. Цивьян, ошондой эле А. К. Байбурин, Д. М. Сегал, А. Л. Топорков, М. Н. Эпштейн. Кыргыздардын салттуу маданиятында буюмду символ катары аныктоодо Түштүк Сибирь элдеринин салттуу көз караштарын изилдөөчүлөр Э. Л. Львованын, И. В. Октябрьскаянын, А. М. Сагалаевдин, М. С. Усманованын, ошондой эле Е. В. Антонованын, А. Я. Гуревичтин, Н. Л. Жуковскаянын, П. К. Дашковскийдин, С. М. Крымованын, Д. С. Раевскийдин эмгектери теориялык-методологиялык мааниге ээ. Көчмөндөр дүйнөсүнүн мифологиялык көрүнүшүндө буюм дүйнөсүн изилдөөгө А. К. Акишевдин, Ш. Б. Акмолдоеванын, А. А. Галиевдин, А. Т. Толеубаевдин, Н. Ж. Шахановандын эмгектери олуттуу салым кошту.

Автор тарабынан структуралык-семиотикалык ыкманын негизинде кыргыздардын салттуу маданиятынын буюмдарынын функционалдык жана

символикалык болмушу аныкталды, алар бийик «семиотикалык статуска» (А. К. Байбурин) өздүк «тилге» ээ болуу менен, символдукка каныккан жана топтолгон формада көчмөн маданияттын бийик баалуулуктары жөнүндө жамааттык элестөөлөрдү трансляциялайт. Буюмдун же символдун маданий белги катары мааниси буюмду маданий мейкиндик-мезгилдик континуумга киргизүүдө гана көрүнөт, башкача айтканда аны кандайдыр-бир жерге жайгаштырып жана ырым-жырымга катыштырганда гана, ал семантикалык-семиотикалык статуска ээ болуу менен, маданий эс-тутумдун маанилерин сактоочу жана алып жүрүүчү кызмат аткарат. Ырым-жырымдын жүрүшүндө буюмдар тигил же бул мааниге же ырым-жырымдык баалуулукка ээ болуп, анын аякташы менен бул касиетин жоготот. Бул мааниде буюм бир нече функцияларды аткаруучу материалдык дүйнөнүн объектиси гана эмес, символдук образ болуп эсептелет. Буюмдун образы жана буюмдун өзү, ырым-жырымдын жүрүшүндө, сөз менен айтууга же башка жол менен билдирүүгө мүмкүн болбогон кандайдыр-бир маалыматты берет. Ырым-жырымда колдонулган ар бир буюмдун өзүнүн «тили» бар, анын жардамы менен топтолгон жана символдорго каныккан формада тагдыр, бардарчылык, жемиштүүлүк, тукумду улантуу сыяктуу салттуу маданияттын бийик баалуулуктары жөнүндө маалымат берилет, алар предметтик символдордун жардамы менен «конкреттүү, кол менен кармоого мүмкүн болгон формаларды» гана эмес, рухий баалуулуктарды да чагылдырышат. Мына ушуга байланыштуу көчмөн маданияттын символдору катары бакан жана казан мисалга алынат, алардын символдук жана функционалдык мааниси аныкталат, алардын күнүмдүк турмушта же ырым-жырым, үрп-адаттык тажрыйбада (үйлөнүү той жана өлүк коюу менен байланышкан иш-чаралар) колдонулгандыгына жараша же«төмөнкү», же «жогорку» семиотикалык статуска ээ болушат. Буюмдар символдор катары салттуу адамдын күнүмдүк жашоосун, өлүм, баланын төрөлүшү, бакыт, бардарчылык жана тукум улоо сыяктуу жогорку экзистенциалдык баалуулуктарга үйрөтөт жана алар аркылуу ата-бабалардын, арбактардын дүйнөсүнө таандыктыгы чагылдырылат, адамдын социалдык болмушунун маанилүү аспектиси буюмдардагы «адамдык сапат» көрүнөт. Салттуу аң-сезимде буюм анын ээси болгон адамдан тышкары жашабайт, анын иш-аракетин чагылдырат, муну менен адамдын адамдыгынын жана жанынын ажырагыс бөлүгүн түзөт. Мына ушундан улам салттуу адам үчүн буюмдарга өздүк ат ыйгаруу мүнөздүү. Буюм адам үчүн символ болуу менен, өзүнүн ээсинин сапаттарына жана мүнөзүнө ээ болуп, анын жашоо жолуна шайкеш келүү менен, бир жагынан ээсинин рухий дүйнөсүнүн материалдык көрүнүшүн чагылдырат, экинчи жагынан адамдын ички дүйнөсү менен сырткы көрүнүшүнүн ортосунда ортомчулук милдетти аткарат. Мисалга алсак, «Манас» эпосунда Манастын мылтыгы жана сооту, Аккелте жана Аколпок деген атка ээ болуу менен, жоокердин ажырагыс атрибуту болуп

эсептелет, Манастын эр-жүрөк мүнөзүн, согуш талаасындагы күжүрмөн духун жана психологиялык абалын чагылдырат. Мындан сырткары Аккелте анын орун басары болуу менен, магиялык касиеттерге жана өз алдынча аракеттенүү жөндөмүнө ээ.

Буюмдун символдук мааниси, анын символдук мааниси менен практикалык багытынын биримдиги ал жасалган материал аркылуу гана эмес, ошондой эле жаратылыш мейкиндигинин символдук тексти катары оюулар аркылуу да ачылат, алар буюмга өзгөчө сыйкырдуу күч жана семантикалык милдет жүктөө менен, көркөм, белгилик-символдук формаларда этномаданий салттарды трансляциялоонун өзгөчө ыкмасы катары кызмат кылат.

Белектер менен алмашуу ырымы салттуу маданиятта социалдык мамилелерди жөнгө салуунун универсалдуу формасы катары кыргыздардын ырым-жырымдык, үрп-адаттык тажрыйбасында маанилүү роль ойноо менен, *ырым-жырым* үрп-адатында жана *алыш-бериш* салтында даана көрүнөт. Акыркысы адамдардын ортосундагы социалдык мамилелерди түзүүнүн татаал процесси катары, той, жолугушуу, келишим түзүү, төрөт, үйлөнүү үлпөтү жана өлүк коюу учурунда уруу ичинде жана уруулардын ортосунда символдук жактан байланышты бекемдөөчү механизм болуп эсептелет.

Диссертациянын акыркы бабы **«Символдуулук жана аны салттуу маданияттын адамынын рухий жашоосунда трансляциялоо ыкмалары»** деп аталып, үч параграфтан турат, салттуу маданияттын адамынын рухий жашоосунда символдуулук көрүнүшүнүн табиятын ачып берүү менен, ат, сөз, манасчылык өнөр аркылуу аны трансляциялоо ыкмаларын көрсөтөт.

***«Ат миф жана кыргыздардын салттуу маданиятынын адамынын символу катары»*** деп аталган биринчи параграфта философиялык символизм (А. Ф. Лосев, П. А. Флоренский) концепциясы аркылуу жана кыргыздардын ырым-жырымдык, тилдик тажрыйбасынын негизинде аттын миф катары, жана салттуу маданияттын адамынын символу катары ички (онтологиялык) маңызы, социалдык жана аксиологиялык мааниси ачылып берилет. А. Ф. Лосев менен П. А. Флоренскийдин философиялык символизм концепцияларында ат тирүү нерсе, онотологиялык жана өзүн сезүүнүн башаты катары берилет. Флоренскийдин пикирине ылайык, ат эң биринчи көзгө көнүнбөгөн жана угулбаган, түшүнүү дагы, кабыл алуу дагы кол жеткис, өзүндө жана өзү үчүн жашаган рухий жандык, ал аркылуу инсан өзүн «мен» деп көрсөтө алат А. Ф. Лосевдин философиясында, ат адамдын ички дүйнөсүн калыптандыруучу жеке символ болуу менен, адамдын тышкы дүйнө менен болгон мамилесинин мүнөзүн, анын табигый жана социалдык чөйрөсүн аныктайт. Мындай мааниде ат анын социалдык белгиси, бир эле учурда дифференциялайт, адамды башкалардан айырмалайт жана идентификациялайт, өзү менен өзүн окшоштурат. Ошондуктан атта адамдын диалектикалык синтези жана анын ачык-айкындыгы, маанилүүлүгү

ишке ашырылат. Бирок, Лосевдин пикирине ылайык, инсандын аты - бул мифте гана көрсөтүлүп, ал эми миф кереметтүү ат –керемет тууралуу айтуучу ат, керемет жаратуучу ат, же ат миф сыяктуу эле, аны ар бир кайталаган сайын жана айткан сайын кайра жаралат. Ошондуктан, «адам өзү миф», адам мифтер дүйнөсүндө жашоо менен, өзү мифке айланат, бул учурда ат ыйык миф жана адамдын жошоосунун маңызын жана тагдырын аныктоочу символу катары көрүнөт.

Салттуу коомдун адамынын, анын ичинен көчмөндөрдүн аң-сезиминин өзгөчө касиети, ат ички (онтологиялык) мааниге ээ болуу менен, анын руханийлигин жана социалдуулугун чагылдыруучу белги катары, сыйкырдуу күчкө ээ болуп, сакралдык миф жана символ катары кызмат кылат. Ошону менен бирге салттуу коом адамы үчүн, «бөлүк бүтүн менен барабар», «символдоочу символдоштуруучунун бөлүгү» (Л. Леви-Брюль), ат, дененин белгиси болуу менен, бир бүтүндүктү билдирет, дененин кандай гана бөлүгү болбосун, анын ат менен окшоштугу бар, ушундан улам атка сөз менен же магиялык кыймыл-аракеттер менен кол салуу, денеге кол салуудай бааланат.

Ошондуктан салттуу коомдун адамы душмандын атын билип туруп, магиялык иш-аракеттердин жардамы менен ага таасир этип, муну менен анын денесине залал келтирүүгө, керек болсо, өлүмгө алып келүүгө болот деп ишенишкен. Бирок ат менен дененин ортосундагы байланыш бекемделген эмес, тескерисинче, дайыма өнүгүп турат; мындай өнүгүүнүн жыйынтыгында ат ички ойдун символуна, онтологиялык негизине же аң-сезимдин борбору катары «мен» деген түшүнүккө айланат. Атты билүү аны алып жүрүүчүнүн үстүнөн бийлик жүргүзүүнү билдирген же болбосо адам атты алуу менен, «аталган, таанылган, билинген» деген жандыкка айланат (А. К. Байбурин).

Салттуу коомдун адамынын бүткүл жашоосу тыюулар менен коштолуп, белгилүү бир эрежелер аркылуу тартипке салынган жана ырым-жырымдык, тилдик үрп-адаттардын бүтүндөй бир системасына баш ийдирилген, аларда ат менен байланышкан жүрүм-турумдун символдук формалары ырааттуулукта ишке ашырылат. Көчмөндөрдүн ырым-жырымдык-тилдик салтында, дүйнөнүн бардык байыркы элдериндей эле, ат адамдын өтө аялуу жери болгон, ушуга байланыштуу, адамдын атын сыр кылып сактоого багытталган бир катар тилди тыюулар болгон, алар душмандын таасиринен коргоо үчүн зарыл болгон. Ат адамдын онтологиялык негизи катары корголот жана жашырылат.

Ат социокод катары жамааттык эс-тутумдун сактоочу жайында сакталат жана маданиятты трансляциялоо каражаты катары ырым-жырымдык, үрп-адаттык ырым-жырымдык-тилдик тажрыйбалар системасы аркылуу салттуу адамды рухий жана социалдык мейкиндиктин семиосферасына киргизүүнүн маанилүү механизми болуп эсептелет. Салттуу коомдун адамынын жашоосунда, жаңы төрөлгөн ымыркайга ат коюу ырымы өзгөчө белги, тагдыр чечүүчү акт жана анын социалдашуу

ыкмасы катары, өзүнүн ыйыктыгы менен өзгөчө орунду ээлейт. Ат символ катары анын ээсин конкреттүү байыркы ата-бабасы менен байланыштырат. Ошого ылайык, ат коюу процесси ат коюлуп жаткан адамды мурда өздөштүрүлгөн социалдык мейкиндиктин түзүмүнө киргизүү процесси, ошону менен бирге баалуу рухий потенциал катары салттуу коомдун жамааттык эс-тутумун чагылдырат.

Ат адамдын кандайдыр-бир баалуу сапаттарын билдиргендиктен, айрым аттарды алып жүрүүчүлөргө карата бир катар талаптар коюлат. Мисалы, уруунун аты, элге таанымал ата-бабасынын аты, анын жеке инсандык сапаттары атты алып жүрүүчүгө берилет, анын мүнөзүн жана келечек тагдырын аныктайт. Кыргыздарда балдарга Манас деген атты койбогонго аракет кылышкан, анын ыйыктыгына, баалуулугуна гана эмес, ошондой эле мындай атты алып жүрүүчү, балким, коомдук ишенимдерди актабайт жана ага татыктуу боло албайт, эгерде мындай коюлган болсо, анда салттуу коомдун адамынын жашоосу аттын намысы үчүн болгон үзгүлтүксүз күрөшкө айланат. Атта аны алып жүрүүчү адамдын социалдык ролу, анын социалдык жүрүм-туруму тууралуу маалымат кодко салынган.

Ат коюу салттуу маданиятта социалдык белги, социалдык статусту моделдөөнүн, дифференцирлөөнүн көрсөткүчү болгон. Түрк тилдеринде «ат» термини «атты», «аталышты» гана эмес, ошондой эле «даңкты», «белгилүүлүктү», «намысты», «абройду» билдирген [*Севортян, Э. В.* Этимологический словарь тюркских языков: Общетюркские и межтюркские основы на гласные. – М.: Наука, 1974. – С. 198].

Кыргыздарда «*атка кон*» деген сөз атактуу болуу, даңкы чыгуу дегенди билдирет. Салттуу патриархалдык-уруулук коомдо Манас аттуу адамдан эмнени күтүүгө болоорун билишкен, ошондуктан жамааттык аң-сезимдүү салттуу адам дайыма өзүн, өзүнүн кылык-жоругун жана өзүнүн жашоо багыттарын азыркы учур (туугандар эмне деп айтат?), өткөн турмуш (менин иш-аракетимди ата-бабаларым (жети атам, арбактар) кандай баалашмак?) жана келечекке карата (келечек муундар эмне дейт?) өлчөп-ченөө процессинде жашаган. Ал үчүн эң маанилүү нерсе, албетте, урпактарынын эсинде өзү тууралуу жакшы ат калтыруу, мунун менен жамааттык уруулук эс-тутумга шайкеш келүү болгон. Ошондуктан жамааттагы инсандын жашоосу көчмөн социумдун жамааттык болмушунун ченемдик-баалуулуктар системасы катары аттын намысы, бүткүл уруулук коомдун кызыкчылыктарын жана баалуулуктарын коргоочунун аброю үчүн үзгүлтүксүз күрөш болуп калган. Ошого ылайык, жамаатта инсандын өз тагдырын өзү аныкташы, анын мыкты сапаттары, анын атынын мааниси бүткүл уруунун жамааттык кызыкчылыктарын жана баалуулуктарын коргоо менен байланышкан маселелерди чечүүнүн жүрүшүндө гана байкалат. Манастын аты жана образы бир бүтүнгө биригүү менен, кыргыздардын жаматтык эс-

тутумунун социокоду катары кызмат кылып, бул атты алып жүрүүчүнүн чачыранды болуп кеткен кыргыз урууларын бир элге бириктирүүдөгү социалдык ролунун жардамы менен миңдеген жылдар бою сакталат. Кыргыздардын салттуу маданиятында Манас деген ат жеке жана ыйык миф, укум-тукумдардын эс-тутумуна трансляциялануучу социокод, анда анын социалдык ролу, социалдык жүрүм-турум жана этномаданий маалымат коддолгон. Манас деген ат символ катары, кыргыздардын жамааттык маданий-тилдик эс-тутумуна киргизилип, анын рухий түзүлүшүн, онтологиялык маанисин билдирет жана жашоо маңызын жана баатырдык тагдырын аныктайт.

***«Кыргыздардын ырым-жырымдык, тилдик тажрыйбасында сөз символ катары жана сакралдык маалыматты сактоонун жана трансляциялоонун ыкмасы катары»*** деп аталган экинчи параграф кыргыздардын ырым-жырымдык, тилдик тажрыйбасында сөз символ катары жана сакралдык маалыматты сактоонун жана трансляциялоонун ыкмасы катары, магиялык, перформативдик, социалдык жана рухий маанисин ачып берүүгө арналган.

Сөз символ катары, мифологиялык символизмге ылайык, дүйнөнү таанып-билүү жана өздөштүрүү ыкмасы катары, реалдуулукту уюштуруу ыкмасы жана анын баштапкы аң-сезиминин формасы катары, «өзүнүкүн» «бөтөндөн», «өздөштүргөндү» «өздөштүрбөгөндөн» айырмалоочу, сөз менен аны белгилеген буюмдун, символ менен символдоштуруучунун, белги менен денотаттын органикалык биригүүсү, ал «вербалдык магия» деп аталган кубулушта, же сөздүн таасирине ишенүүдө байкалат. Сөз перформатив катары (сөздөн ишке), өзгөчө магиялык күчкө ээ болуу менен, адамдын ой-толгоолору, сезимдери, иштери, иш-аракети менен синтезделип жана биригип, адам сыяктуу эле төрөлөт, жашайт жана өлөт.

Көчмөндөрдүн сөздүн сыйкырлык жана перформативдик таасирине ишенүүсү салттуу маданияттын ырым-жырымдык-тилдик жүрүм-туруму сыяктуу чөйрөсүнүн өнүгүүсүн аныктады, алар сөз багыттаган адам үчүн каалаган кырдаалды моделдөөгө ылайыкташкан: позитивдүү (жакшы каалоо-тилек билдирүү) – бата, мааниси боюнча ага карама-каршы – каргыш (наалат келтирүү). Кыргыздардын ырым-жырымдык-тилдик салтында жакшы каалоо-тилек билдирүү сөз айткан адам менен сөз багытталган адамдын ортосундагы коммуникативдик акт катары, уруу аксакалдары, эл кадырлаган адамдар, коноктор тарабынан айтылган жакшы каалоо-тилектер менен алмашуу жана аларды трансляциялоо процесси болуп эсептелет, алардын сөздөрүндө баалуу маани жатат жана бул сөздөр адамдарга, алардын тагдырына жана жыргалчылыгына таасир этүүчү магиялык күчкө деп эсептешкен.

Сакралдык маалыматты трансляциялоонун ыкмасы катары батанын баалуулугу, маңыздуулугу – күчтүү семантикалык позитивдүү мейкиндиктин жана жашоо үчүн зарыл болгон жыргалчылыктардын болушунда гана

эмес, ошону менен бирге аны кеңири ырым-жырым кырдаалдарына (баланын төрөлүшү, үйлөнүү үлпөтү, үй-бүлөлүк, календардык үрп-адаттар), же конкретттүү күндөлүк турмуш контекстине киргизүүдө, жана анын символикасын жана сюжетин шарттаган даректүү багытталышында жатат.

Ошондой эле көчмөндөрдүн ырым-жырымдык-тилдик тажрыйбасында *каргыш* (наалат) багытталган адамга моралдык жана физикалык зыян келтирүүгө негизделген, каргыш айткан адамдын коммуникативдик ниети катары чоң роль ойнойт. Аны менен сөздүн адамга тийгизген магиялык таасиринин күчү жөнүндө элестер гана, ошондой эле туура жүрүм-турумду жөнгө салууга кызмат кылуучу, айтылгандардын таасирдүүлүгүнө жана сөзсүз аткарууну талап кылууга көрсөтмө да байланышкан.

Кыргыздардын салттуу маданиятынын ырым-жырымдык, үрп-адаттык жана ырым-жырымдык-тилдик тажрыйбасында *кошок* өлгөн адамды жоктоонун өзгөчө формасы катары, маркумдун башка, «чоочун» дүйнөгө «биригүү» процессин билдирген жана өлгөн адам жөнүндө сакралдык маалыматты трансляциялооонун жана анын урпактардын эс-тутумунда бекемдөөнүн өзгөчө ыкмасы катары маанилүү орунду ээлейт. Бирок бул ырымдын эң башкы мааниси – кошок кошкондор ата-бабалардын арбактарынан маркумду өзүлөрүнүкү катары кабыл алууну суранышат. Демек, көчмөндөр, өлүм – бул символдук түрдө «өзүнүн» дүйнөсүнөн башка «чоочун» дүйнөгө, башка мейкиндикке өтүү гана эмес, ошондой эле башка абалга өтүү, маркумдун башка статуска ээ болушу деп түшүнүшкөн, мунун өзү кошок кошуу аркылуу ишке ашырылган.

Үй-бүлөлүк, уруулук мамилелер башкы орунду ээлеген, салттуу коом үчүн биргелешкен жамааттык иш-аракеттерди жүзөгө ашырууда консолидациялоо ыкмасы катары сөздүн күчү маанилүү роль ойногон. Мында сөз символ катары социалдык жактан кандай маанилүү болсо, уруу үчүн да ошондой эле деңгээлде маанилүү. Сөз социалдык гана эмес, ошондой рухий функцияны да аткарат, бул бир кыйла толук жана ырааттуу түрдө көркөм сөз өнөрүндө чагылдырылып, элдик оозеки чыгармачылыкта жана эпикалык искусстводо ишке ашырылат. Салттуу көчмөн маданиятта көркөм сөз ээлери – манасчылар, акындар, ырчылар – өзүнчө бир жогорку баалуулуктар болгон үн, сөз, кепти сактоочунун, батыруучунун жана транслятордун милдетин аткарышат, алардын чыгармачылыгы сакралдык жамааттык маалыматтарды трансляциялоонун универсалдуу жана натыйжалуу ыкмасы болуп эсептелет

***«Архетиптик эс-тутумду алып жүрүүчү жана кыргыздардын салттуу мадаиятында сакралдык тексттердин транслятору катары манасчылык өнөр феноменинин мифологиялык, ырым-жырым булактары»*** деп аталган төртүнчү баптын акыркы параграфында манасчылык өнөр феноменинин жалпы теориялык аспектилерин изилдөөнүн негизинде манасчылык өнөр феноменинин мифологиялык ырым-жырымдык булактары

ачылып көрсөтүлдү. Бул феноменди ачып берүүдө В. Н.Басилов, Г. Н.Грачева, П. А.Гринцер, В. М.Жирмунский, А. Б. Лорд, Е. М. Мелетинский, С. Ю. Неклюдов, Е. С. Новик, А. М. Сагалаев жана И. В. Октябрьская, Е. В. Ревуненкова, К. В. Чистов, М. Элиаде, К. Г. Юнг сыяктуу авторлордун эмгектери чоң теориялык-методологиялык мааниге ээ. Манасчылык өнөр феноменин изилдөөгө фольклорчулар, этнографтар, тарыхчылар жана философтор бир катар эмгектерин арнашкан, алардын ичинен В. В. Радловдун, М. Ауэзовдун, К. А. Рахматуллиндин, В. М. Жирмунскийдин, Ч. Т. Айтматовдун, Р. З. Кыдырбаеванын, И. Лауде-Циртаутастун, Б. Н. Путиловдун, К. Райхлдын эмгектерин өзгөчө баса белгилөөгө болот. Манасчылык өнөр феноменин изилдөөгө чоң салым кошкондор И. Б. Молдобаев, С. Мусаев, А. Салиев, М. А. Убукеев, ошондой эле С. Абдрасулов, К. Садыков, Н. В. Кумсковая ж.б. болушкан. К. Г. Юнгдун эмгектери манасчылык өнөрдүн мифологиялык ырым-жырымдык булактарын изилдөөгө олуттуу салым кошкон, бул эмгектер акылга сыйбаган нерселердин терең негиздерине жана көркөм чыгармачылык процессинде архетиптин ролун изилдөөгө өбөлгө түзгөн.

Диссертацияда белгилүү окумуштуулар В. В. Радловдун, М. Ауэзовдун, ошондой эле кыргыз манас изилдөөчүлөрү К. А. Рахматуллиндин, Р. З. Кыдырбаеванын манасчылык өнөр феноменине карата көз караштарына талдоо жүргүзүүнүн негизинде, бир катар теориялык маселелер коюлат, аларды рационалисттик көз караштан чечүү мүмкүн эмес. Биринчиден, манасчылык өнөргө ээ болуунун сыйкырдуу табияты (түш көрүү) жана чыгармачылык жигердин өзүн-өзү жоготкон жогорку экстаз абалда болуу маселеси, бул процесстин жүрүшүндө жогортон аян берилет; экинчиден, манасчылыктын мифологиялык, ырым-жырымдык булактары жөнүндө маселе жана манасчынын тандалгандыгы менен шаманизмдин өз ара байланышы; үчүнчүдөн, бири-бирине куюлушуу маселеси, манасчынын өнөрү менен (адресант) угучуунун, көрүүчүнүн (адресат) өзүнчө бир куюлушуусу.

Коюлган маселелерге маани берип түшүнүү жана манасчылык өнөр феномениниин сырларын аңдап билүү диссертацияда көркөм өнөр процессинде К. Г. Юнгдун архетиптердин жигердүү ролу жөнүндө теориясы аркылуу ишке ашырылат. К. Г. Юнгдун теориясына ылайык, архетиптер маданияттын акылдан тыш катмарлары катары, мифологиянын, диндин, искусствонун, динамикалык күчкө ээ болгон жекелештирилген образдар түрүндө адамзаттын уруулук эс-тутумун топтоштуруунун булагы болуу менен, айрым адамдар (бул учурда чыгармачыл инсан катары манасчылар) үчүн, ошондой эле жалпы социалдык топ үчүн мүнөздүү болгон терең психологиялык таасирлер, баарынан мурда түш көрүү, галлюцинация, фантазия менен байланышкан жашоодогу курч бурулуштардын мезгилинде түп-тамырынан бери өзгөртөт. Ошол эле учурда бул процесс, Юнг белгилегендей, өз ыктыяры менен аткарылбаган мүнөзгө ээ болуу менен,

адамды толугу менен бийлеп алат, анын психикасы толугу менен архетиптин таасири алдында болот, өзүнүн эркинен, каалоосунан көз каранды, чыгармачыл процесске оңой ишенет, оңой тартылат жана кыймылдуу.

Юнгдун манасчылык өнөр феноменине карата бул түшүнүгүн корутундулоо менен, автор манасчылык өнөргө ээ болуунун сыйкырдуу табиятынын сыры дал ушул түш көрүүлөрдө деп болжолдойт, түш көрүү мезгилинде күүгүмдөнгөн аң-сезиминде социалдык эс-тутумдун терең негизи катары архетиптик эс-тутум «ойгонот». Мындай психикалык чыңалуу мезгилинде манасчыга көпчүлүк учурда сыйкырдуу образ, Баатырдын жекелештирилген архетиби катары Манастын өзүнүн (же анын чоролорунун) элеси келет, анын арбагы кимди тандап алса, дал ошол адамга келип, аны манасчылыкка үйрөтөт. Көпчүлүк манасчылар түшүндө Манастын же анын чоролорунун арбактарынын келгендигин моюндарына алышат, муну менен сыйкыр түрүндө манасчылык өнөргө ээ болгондугун белгилешет жана өзүлөрүн «арбактар тарабынан тандалган», ыйык, сакралдык билимдин ээсибиз деп эсептешет.

Ошондуктан диссертацияда кыргыздардын салттуу маданиятынын архаикалуулугу жана архетиптүүлүгү эки маданий типтин: манасчынын жана шамандын терең байланышында, функционалдык ширелүүшүлөрүндө жана жолун жолдоочулугунда көрүнөрү жөнүндө жобо негизделет. Манасчылык өнөр феномени генетикалык жактан шаманизмдин мифологиялык ырым-жырымдык булактарынан чыгып, өзгөчө тандоонун негизинде алынган сакралдык билим болуп эсептелет, бул ата-бабалардын арбактарынын алдын ала айткандарын турмушка ашыруу катары бааланат. Ошондой эле бир катар этнографиялык күбөлөндүрмөлөрдөн улам, кыргыз манасчыларынын поэтикалык таланты менен шамандык мүнөздөгү көрүнүштөрдүн ортосундагы өз ара байланыш тууралуу айтууга болот, аларда жаратылыш кырсыгында, мал массалык түрдө кырылганда, оор төрөт учурунда бакшы катары манасчыларды чакырышкандыгы, алардын арбактар менен сүйлөшүү жана кара сөздүн күчү менен жиндерге магиялык таасир этүү жөндөмдүүлүгү тууралуу айтылат. Бул мааниден алып карай турган болсок, манасчылар сөз менен дүйнөнү түзүүчүлөр, жаратуучулар гана болбостон, ырым-жырымдык мифологиялык системага кирген жана адамдарга, жаратылыш кубулуштарына жана окуяларга магиялык таасир этүүчү, эпостун сакралдык тексти аркылуу арбактар, кудайлар менен байланыш түзүүчү шамандар катары да көрүнөт. Ошондуктан эпикалык поэзияны түзүүчү чыгармачыл иш-аракет учурунда, шаман сыяктуу эле жандуу сөз менен кыймылдуу образдарда болуп, трансқа түшүп, өзүн-өзү жоготкон абалда болот, бул процесс учурунда манасчы менен реалдуулуктун, манасчы менен аудиториянын толугу менен бири-бири менен ширелишүүсү, теңдештиги сезилет. Эпикалык салт чыгармачылыктын архаикалык формасы катары, аткаруучунун (адресант) искусствосу

менен угуучунун, көрүүчүнүн (адресат) өзүнчө бир рухий ширелишүүсү болуу менен, өзгөчө эпикалык чөйрөдө, манасчы менен аудиториянын психологиялык биримдигинин атмосферасында гана жашайт жана өнүгөт.

**Корутундуда** жүргүзүлгөн изилдөөнүн мазмуну жалпыланган түрдө баяндалат, негизги жоболору, төмөнкү жыйынтыктары берилди:

1. Кыргыздардын салттуу маданияты көчмөн социумдун тарыхый жана экологиялык жактан шартталган табигый абалы, социалдык жактан жабык, локалдуу жана өзүнүкү өзүнө жетиштүү маданиятты билдирет, ага өзүнүн рухий баалуулуктарын, жамааттык тажрыйбасын, салттарын жана дүйнөнү түшүнүүсүн муундан муунга ички трансляциялоо процесстери мүнөздүү. Кыргыздардын салттуу маданиятына синкретикалык көз караш, адаптивдүү-адаптациялоочу стратегия жана негизги жашоо ыкмасы катары чарба жүргүзүүнүн көчмөн-малчылык түрү мүнөздүү. Маданияттын бул түрүндө салт анын салттуу болмушунун шарты да, анын өзү да, аны трансляциялоону камсыз кылуу ыкмасы да болуп эсептелет, ал эми жамаат (уруулук уюм) жана жамааттагы инсан көчмөн социумдун болмушунун ченемдик-баалуулуктарын чагылдыруучу катары салтты алып жүрүүчү болуп эсептелет. Кыргыздардын салттуу социалдык системасынын эң жөнөкөй клеткасы, анын салттуу болмушунун негизги иштөө шарты жана ыкмасы болуп уруулук уюм эсептелет, ал этносоциалдык, этномаданий жана этноэкологиялык идентификациялоонун формасы катары кызмат кылат.

2. Кыргыздардын салттуу маданияты үзгүлтүксүз кайталануучу символдор системасы, ал эми символдуулук өзүн-өзү көрсөтүүнүн негизги ыкмасы жана салттуу маданият көрүнүшүнүн феномени болуп эсептелет. Салттуу маданиятта символдуулук феномени салттуу болмуштун руханий, социалдык жана маданий болмушунун экинчи маанидеги билдирүүсү жана чагылышы гана эмес, ошондой эле салыштырмалуу өз алдынча реалдуулук катары көрүнөт, ал өзгөчө дүйнөнү – салттуу көчмөн маданияттын адамынын символикалык дүйнөсүн түзөт. Символдук реалдуулук субъективдүү конструкцияланууучу жана объективдүү (маданий, социалдык) таризделүүчү чындыктын кошулган жери катары салттуу адамдын ажырагыс бөлүгү, Ааламда анын өзүн-өзү танып билүүсүнүн ички түзүмү, ал эми адам ушул символдук дүйнөнүн бир бөлүгү болуп калат. Дал ушул символдук реалдуулук салттуу маданияттын адамынын жашоосунун маанилүү фактору болуу менен, анын өзүн-өзү таанып-билүүсүндө жана дүйнөгө болгон көз карашынын, жамааттык баалулуктарынын жана рухий идеалдарынын калыптануусунда, анын муун аралык жана муун ичиндеги өз аракеттенишүүсүндө социалдык жана маданий жөнгө салгычтын милдетин аткарат.

3. Көчмөндөрдүн социалдык болмушунун экзистенциалдык маңызы жана кыргыздардын салттуу маданиятында символдуулук феномени фундаменталдуу баалуулуктарды трансляциялоочу, жамааттык жүрүм-турумдун символикалык формасы катары ырым-жырым аркылуу ишке

ашырылат. Ырым-жырымдардын социалдык баалуулугу жана маңызы уруунун жашоосун сактоодо, узартууда жана дайыма калыбына келтирүүдө, уруу жамаатынын мүчөлөрүн ата-бабалардын салттарына, сакралдык жана социалдык тажрыйбасына жана алардын идеалдарына үйрөтүүчү, жамааттык баалуулуктарды жаңыртууда жана бекитүүдө жатат. Ырым-жырымдар ар бир уруу мүчөсүнүн жамаат менен социалдашуу, консолидациялануу жана тилектештикке үндөө процесстерин жүзөгө ашырууда бир кыйла натыйжалуу каражаттар болуп эсептелет.

4. Кыргыздардын салттуу тойлорунун маңызы жана майрамдык идеясы, ар бир уруу мүчөсүнүн жамаат менен социалдашуу, консолидациялануу жана тилектештикке үндөө процесстерин жүзөгө ашыруудагы бир кыйла натыйжалуу каражаттар катары, жамааттык жашоонун жана адамдын өзүнүн болмушунун жогорку маанилерин, идеалдарын жана баалуулуктарын салтанаттуу жарыялоодо жана бекитүүдө, ошондой эле ата-бабалардын сакралдык жана социалдык тажрыйбасына үйрөтүүдө жатат.

Көчмөндөрдүн салттуу майрамдык маданиятынын негизинде, өзгөчө аш өткөрүү салтында, ырым-жырымдык, үрп-адаттык жана ырым-жырымдык, оюн символизми жатат, ал өзүнүн этникалык өзгөчөлүгү менен мүнөздөлөт жана өзүнүн терең жана бай мазмунун ырым-жырымдык мелдештерде жана оюндарда ачып берет.

5. Буюм конкреттүү бир маданий контекстке киргизилген символ катары, маанилерди сактоочу, өткөрүп берүүчү жана маданий эс-тутумду алып жүрүүчү болуу менен, этникалык өзгөчөлүктү жана иденттүүлүктү сактоого түрткү берет. Кыргыздардын салттуу маданиятында турмуш-тиричилик буюмдарынын символдуулугу жана функционалдуулугу уруу жамаатынын жүрүм-турумун, анын социалдык бирге жашоочулугун жөнгө салуунун негизги ыкмасы катары, көпчүлүк учурда ырым-жырымдык, үрп-адаттык тажрыйба менен байланышкан жана уруулар ортосундагы, уруунун ичиндеги жана патриархалдык-үй-бүлөлүк байланыштарды бириктирүүгө жана бекемдөөгө багытталган.

6. Ат социокод катары жамааттык эс-тутумдун сактоочу жайында сакталат жана маданиятты трансляциялоо каражаты катары ырым-жырымдык, үрп-адаттык ырым-жырымдык-тилдик тажрыйбалар системасы аркылуу салттуу адамды рухий жана социалдык мейкиндиктин семио-сферасына киргизүүнүн маанилүү механизми болуп эсептелет. Кыргыздардын салттуу маданиятында Манас деген ат жеке жана ыйык миф, укум-тукумдардын эс-тутумуна трансляциялануучу социокод, анда анын социалдык ролу, социалдык жүрүм-турум жана этномаданий маалымат коддолгон. Манас деген ат символ катары, кыргыздардын жамааттык маданий-тилдик эс-тутумуна киргизилип, анын рухий түзүлүшүн, онтологиялык маанисин билдирет жана жашоо маңызын жана баатырдык тагдырын аныктайт.

7. Кыргыздардын ырым-жырымдык, тилдик тажрыйбасында сөз символ катары жана жамааттын оозеки эс-тутумунда сакталган сакралдык маалыматты сактоонун жана трансляциялоонун негизги ыкмасы катары чоң мааниге ээ. Сөз өзүнө баалуу-маңыздуу жана символикалык жүктү алып жүрүү менен, магиялык, перформативдик, социалдык жана рухий мааниге ээ жана кыргыздардын ырым-жырымдык-тилдик салтында төмөнкүдөй формаларда чагылдырылат: *бата* (жакшы каалоо-тилек билдирүү), *каргыш* (наалат келтирүү) жана *кошок* (маркумду жоктоо) айтуу.

8. Архетиптик эс-тутумду алып жүрүүчү жана мистикалык мүнөзгө ээ «Манас» эпосунун сакралдык текстинин транслятору катары, манасчылык өнөрдүн келип чыгуу булактары генетикалык жактан шаманизмдин мифологиялык ырым-жырымдык булактарына, жамааттык акылга сый-боочулуктун архаикалык катмарларына, терең негиздерине туура келет (К. Г. Юнг). Манасчылык өнөр феноменинин сыры манасчынын ата-бабалардын өткөндөгү тажрыйбасы катары, өзүнүн эс-тутумунда архетиптик образдарды сезүү жөндөмдүүлүгүндө жана көркөм чыгармачылыктагы акылдан тыш чөйрөнүн активдешүүсүнүн, көркөм аң-сезимдин жана байыркы кыргыз духунун күчтүү энергиясынын жардамы менен аларды өзүнүн эпикалык тажрыйбасында ишке ашыргандыгында (Ч. Айтматов).

9. «Манас» эпосу көчмөн аң-сезимдин жамааттык чыгармасы, ата-бабалардын арбактарынын өзүнүн урпактарына жөнөткөн билдирүүсү катары, маанилердин генераторунун жана жамааттык эс-тутумдун конденсаторунун функциясын аткаруучу ыйык текст болуп эсептелет, ал эми манасчылар терең маанилердин жана архетиптердин транслятору, салттарды сактоочу жана «жогорудан үйрөтүлгөндү» аткаруучу болуп эсептелишет. Бул мааниден алып караганда манасчылар бир эле мезгилде «элдик кайрат-күчтү» чагылдыруучулар да, жамааттык эс-тутумдун тирүү образдары да, ата-бабалардын үнү да, «арбактар тарабынан тандалгандар» да (шамандар сыяктуу эле) болуу менен, оор тагдырга ээ. Манасчынын манас айтуучулук өнөрү чыгармачылыктын архаикалык формасы катары, өзгөчө эпикалык чөйрөдө, ошондой эле манасчы менен аудиториянын психологиялык биримдикте болуусунун өзгөчө атмосферасында гана жашап жана трансляцияланышы мүмкүн.

10. Символдуулук феномени салттуу көчмөн маданияттын адамынын жашоосунун профандык, сакралдык жана рухий чөйрөсүндө бүтүндүн бөлүктөрү (символдошкон Ааламда) катары ушул чөйрөлөрдүн ажырагыс биримдигинде, өз ара байланышында көрүнөт. Өз кезегинде кыргыздардын салттуу болмушунун ушул тармактарында символдуулук көрүнүшү жана трансляциялоо ыкмалары катары, ырым-жырым, той, буюм, ат, сөз жана эпикалык өнөр бирдиктүү система катары кыргыздардын салттуу маданиятын өнүктүрүүнүн ажырагыс жана субстанционалдык бөлүктөрү болуп эсептелет.

11. Символдуулук феномени бир эле мезгилде трансляциялоо ыкмасы да, узак убакыттар бою көчмөн маданияттын жана жашоонун салттуу негиздеринин маанилик биримдигин жана баалуу дүйнө тартибин камсыз кылуучу, көчмөн социумдун коммуникациялоо, социалдаштыруу, идентификациялоо, консолидациялоо жана интеграциялоо каражаты да болуп эсептелет. Символдуулук феноменинин дал ушул өзгөчөлүктөрү анын маанисин жоготпогон актуалдуулугун жана заманбап кыргыз маданиятынын символикалык негиздерин аңдап түшүнүүдө социомаданий баалуулугун шарттайт, трансляциялоо ыкмасы катары гана эмес, ошондой эле руханий жана социалдык өзгөрүүлөрдү жөнгө салуунун универсалдуу каражаты, заманбап коомдун интеграциялоо жана консолидациялоо механизми катары, символдун табиятын жана маңызын аныктоого багыттайт. Мындан тышкары, өзгөрүлүп бара жаткан баалуулуктардын контекстинде заманбап маданияттын татаал жана көп кырдуу кубулушу катары, символдуулук феноменинин актуалдуулугу жана функционалдык маанилүүлүгү адамдын этникалык, социалдык жана маданий өзүн-өзү идентификациялоосу, анын өзүн-өзү таанып-билүүдөгү экзистенциалдык кырдаалы жана руханий изденүүлөрү менен байланышкан.

12. Ата мекендик философиянын актуалдуу маселелеринин бири социалдык философиянын жаңы багытын – кыргыздардын этнофилософиясын иштеп чыгуу болуп эсептелет, анда салттуу маданият феномени жөнүндө жаңы чектерди жана жаңы көз караштарды эске алуу менен, кыргыздардын маданиятын изилдөө жана анын этникалык өзгөчөлүгүн аныктоо тармак аралык жана комплекстүү изилдөөлөрдү талап кылат. Мунун өзү заманбап кыргыз коомуна өзүнүн этникалык болмушунун өзгөчөлүгүн маани берип терең түшүнүүгө гана мүмкүнчүлүк бербестен, ошондой эле жаңы социомаданий маанилердин жана баалуулуктардын кайра жаралышы катары, символдордун жана өткөндүн архетиптеринин уникалдуу, көп катмарлуу маданий маанисин түшүнүүгө, заманбап цивилизациядагы өзүнүн ордун аныктоого, коомдук-тарыхый прогрессте өзүнүн жолун табууга жана өнүгүү шарттарын жана перспективаларын белгилөөгө мүмкүндүк берет.

### Диссертациянын негизги жоболору автордун төмөнкү эмгектеринде чагылдырылды:

**Монографии и учебные пособия:**

1. *Осмонова Н. И.* Этика: Уч. пос. для студ. спец. «философия». – Бишкек, 2008. – 338 с.
2. *Осмонова Н. И.* Символическая Вселенная кочевника: Истоки традиционного мировосприятия кыргызов. – Бишкек, 2014. – 170 с.

3. *Осмонова Н. И.* Символическая Вселенная человека традиционной кочевой культуры / КРСУ. – Бишкек, 2016. – 331 с.

**Статьи в научных сборниках и журналах:**

4. *Осмонова Н. И.* Формирование ментальности народов Центральной Азии в условиях глобализации // XXI век: на пути к единому человечеству?: Мат-лы междунар. конф. – М.: Современные тетради, 2003. – С. 136–139.
5. *Осмонова Н. И.* Парадигмы национальной картины мира в контексте восточной и западной культур // Центральная Азия и культура мира. – Бишкек, 2003. – № 1–2 (15–16). – С. 158–165.
6. *Осмонова Н. И.* Архетипические образы как источник национального сознания // Общечеловеческое и национальное в философии: Мат-лы I междунар. науч.-практ. конф. – Бишкек, 2003. – С. 67–72.
7. *Осмонова Н. И.* Байыркы түрк мамлекетинин түзүлүшүнө Теңирчиликтин консолидациялык идеология катары тийгизген тассири // Түрк цивилизациясы жана мамлекеттик салты. – Бишкек, 2004. – С. 191–201.
8. *Осмонова Н. И.* Бытие национальной философии в контексте компаративистского подхода // Общечеловеческое и национальное в философии: Мат-лы III междунар. науч.-практ. конф. – Бишкек, 2005. – С. 67–80.
9. *Осмонова Н. И.* Изучение феномена национальной философии в контексте новой парадигмы мышления // Философия и будущее цивилизации: IV Российский философский конгресс: Мат-лы выступл. членов РФО из Кыргызстана. – Бишкек, 2005. – С. 126–138.
10. *Осмонова Н. И.* Изучение феномена национальной философии в контексте новой парадигмы мышления // Философия и будущее цивилизации: Тез. докл. и выступл. участников IV Рос. философ. конгресса (Москва, 24–28 мая 2005 г.): В 5 т. Т. 2. – М.: Совр. тетради, 2005. – С. 723–724.
11. *Осмонова Н. И.* Культурные основания мифа как фактора национальной идентификации // Общечеловеческое и национальное в философии / Кантовские чтения в КРСУ (22 апреля 2004): II междунар. науч.-практ. конф. КРСУ (27–28 мая 2004 г.). Мат-лы выступл. – Бишкек, 2004. – С. 158–165. [Электронный ресурс] // URL: http://anthropology.ru/ru/text/osmonova-ni/kulturnye-osnovaniya-mifa-kak-faktora-nacionalnoy-identifikacii
12. *Осмонова Н. И.* Мир кочевника и его символическая Вселенная // Вестник КРСУ. – Бишкек, 2008. – Т. 8. – № 8. – С. 129–133.
13. *Осмонова Н. И.* Символическая Вселенная кочевника (на примере феномена тенгрианства) // Пятые Торчиновские чтения: Философия, религия и культура стран Востока: Мат-лы науч. конф. – СПб., 2009. – С. 46–53.
14. *Осмонова Н. И.* Теоретические проблемы изучения национальной философии // Наука. Философия. Общество: Мат-лы V Рос. философ. конгресса. – Т. II. – Новосибирск: Параллель, 2009. – С. 525.

15. *Осмонова Н. И.* Теоретические проблемы изучения национальной философии // Вестник КРСУ. – Бишкек, 2009. – Т. 9. – № 6. – С. 149–154.
16. *Осмонова Н. И.* Имя как миф и символ человека традиционного общества кочевников // Мировоззрение населения Южной Сибири и Центральной Азии в исторической ретроспективе. – Барнаул, 2010. – С. 215–222.
17. *Осмонова Н. И.* Этноэкологические традиции // Этика и экология / НовГУ им. Ярослава Мудрого. – В. Новгород, 2010. – С. 159–166.
18. *Осмонова Н. И.* Символическая природа традиционной культуры кыргызов // Вестник КРСУ. – 2014. – Т. 14. – № 9. – С. 28–32.
19. *Осмонова Н. И.* Феномен сказительного творчества манасчи в контексте теории архетипов К. Г. Юнга // Вестник Каз. нац. ун-та им. Аль-Фараби. Сер.: Философия. Культурология. Политология. – Алматы: Казак университеты, 2014. – № 4 (49). – С. 240–247.
20. *Осмонова Н. И.* Современные подходы и методологии исследования традиционной культуры // Вестник нац. ун-та им. Ж. Баласагына. – Спец. вып. – Бишкек, 2014. – С. 350–357.
21. *Осмонова Н. И.* Социокультурное значение и исследование символа, мифа и архетипа в концепции психоанализа К. Г. Юнга // Вестник Нац. ун-та им. Ж. Баласагына. – Спец. вып. – Бишкек, 2014. – С. 358–363.
22. *Осмонова Н. И.* Диалектика символа и мифа в концепции философского символизма (А. Ф. Лосев, П. А. Флоренский) // Вестник КРСУ. – Бишкек, 2014. – Т. 14. – № 9. – С. 33–37.
23. *Осмонова Н. И.* Архетипическое в традиционной культуре кыргызов (на примере феномена сказительного творчества манасчи) // Modern Philosophic Paradigms: Interrelation of traditions and innovative approaches: Materials of the II international scientific conference on March 3–4, 2015 // Prague: Vĕdecko vydavatatelske centrum «Sociosfera-CZ». – 2015. – № 8. – С. 108–117.
24. *Осмонова Н. И.* Символ как механизм коллективной памяти в традиционной культуре кыргызов (на примере Тенгри как символа единства мира) // Исторические, философские и юридические науки. Культурология и искусствоведение: Вопросы теории и практики. – Тамбов: Грамота, 2015. – № 7 (57). – С. 115–121.
25. *Осмонова Н. И.* Слово как символ в традиционной культуре кыргызов // Мировоззрение населения Южной Сибири и Центральной Азии в исторической ретроспективе. – Барнаул, 2015. – № 8. – С. 175–189.
26. *Осмонова Н. И.* Изучение традиционной культуры кыргызов в контексте этнофилософии // Актуальные проблемы становления и развития этнофилософии: Мат-лы междунар. науч.-практ. конф. – Чебоксары, 2015. – С. 84–89.
27. *Осмонова Н. И.* Традиционная культура кыргызов как текст и знаково-символическая система // Вестник КРСУ. – Бишкек, 2015. – Т. 15. – № 2. – С. 12–16.

28. *Осмонова Н. И.* Традиционализм о метафизическом основании традиции и традиционной культуры (Р. Генон, М. Элиаде) // Вестник КРСУ. – Бишкек, 2015. – Т. 15. – № 2. – С. 17–21.
29. *Осмонова Н. И.* Изучение символа и мифа в классической философской традиции // Вестник КРСУ. – Бишкек, 2015. – Т. 15. – № 6. – С. 20–24.
30. *Осмонова Н. И. С*пецифика традиционной культуры кыргызов // Традиционные общества: неизвестное прошлое: Мат-лы междунар. науч.-практ. конф. – Челябинск: Пирс, 2015. – С. 87–94.
31. *Осмонова Н. И.* Феномен традиционной культуры этноса в контексте этнофилософии // Философия. Толерантность. Глобализация. Восток и Запад – диалог мировоззрений: Тез. докл. VII Рос. философ. конгресса: В 3 т. Т. 1. – Уфа: РИЦ БашГУ, 2015. – С. 256–257.
32. *Осмонова Н. И.* Вещь как символ и транслятор коллективных ценностей в традиционной культуре кыргызов // Общество: философия, история, культура. – Краснодар, 2016. – № 8. – С. 25–31.
33. *Осмонова Н. И.* Ритуал как символическая форма поведения и способ трансляции коллективных ценностей в традиционной культуре кыргызов // Исторические, философские и юридические науки. Культурология и искусствоведение: Вопросы теории и практики. – Тамбов: Грамота, 2016. – № 7 (69). – Ч. 1. – С. 104–110.
34. *Осмонова Н. И.* Особенности функционирования традиционной культуры кыргызов // Традиционные общества: неизвестное прошлое: Мат-лы XII междунар. науч.-практ. конф, – Челябинск: ПИРС, 2016. – С. 95–101.
35. *Осмонова Н. И.* Ритуально-символическая природа традиционных празднеств кыргызов // Общество: философия, история, культура. – Краснодар, 2017. – № 1. – С. 43–48.

**Осмонова Нургүл Исраиловнанын 09.00.11. – социалдык философия адистиги боюнча философия илимдеринин доктору илимий даражасын изденип алуу үчүн жазылган «Символдуулук феномени жана аны кыргыздардын салттуу маданиятында трансляциялоо ыкмалары» аттуу диссертациялык ишинин**

## РЕЗЮМЕСИ

**Өзөктүү сөздөр:** кыргыздардын салттуу маданияты, символдуулук феномени, символ, миф, архетип, ырым-жырым, салт, салттуу той, фольклор, коллективтүү эстөө, манасчылык өнөр, ырым-жырымдык тажрыйба, үрп-адаттык-тилдик тажрыйба, сакралдык, профандык.

**Изилдөөнүн объектиси** болуп тынымсыз жаңыланып туруучу, коддорго катылган символдор системасы катары кыргыздардын салттуу маданияты эсептелет. **Изилдөөнүн предмети** – символдуулуктун маани-маңызынын көрүнүшү жана аны ырым-жырымдык тажрыйба, үрп-адаттык-тилдик тажрыйба, буюмдук-заттык, оозеки-фольклордук жана белгилик-символдук формалар аркылуу адамдын сакралдык (ыйык), профандык (күнүмдүк) жана рухий жашоосунда трансляциялоо ыкмалары болуп эсептелет.

**Изилдөөнүн максаты** – символдуулуктун маани-маңызын жана анын трансляциялоо ыкмаларын кыргыздардын салттуу маданиятында системалуу бүтүндүк катары ачып көрсөтүү.

**Изилдөөнүн методологиялык негизин** тарыхый жана логикалык методдун бирдиктүүлүгү катары системалуулук принциби жана тарыхый принцип, салыштырма жана диалектикалык методдор, абстрактуулуктан конкреттүүлүккө өтүү методу, ошондой эле субстанционалдык жана функционалдык мамилелер түзөт.

**Изилдөөнүн илимий жаңылыгы** биринчи жолу кыргыздардын салттуу маданияты тынымсыз жаңыланып туруучу, коддорго катылган символдор системасы катары, ал эми символдуулук ушул маданияттын имманенттүү түйүнү жана көрүнүшүнүн феномени катары каралгандыгында. Символдуулуктун маани – маңызынын көрүнүшү жана анын ырым-жырымдык тажрыйба, үрп-адаттык-тилдик тажрыйба, буюмдук-заттык, оозеки-фольклордук жана белгилик-символдук формалар аркылуу адамдын сакралдык (ыйык), профандык (күнүмдүк) жана рухий жашоосунда трансляциялоо ыкмалары биринчи жолу социалдык-философиялык изилдөөнүн предмети болуп калды. Биринчи жолу кыргыздардын салттуу маданиятынын өзгөчөлүгү түзүмдүк бирдик катары аныкталды; «символдук дүйнө» түшүнүгү киргизилди; кыргыздардын салттуу маданиятында жүрүм-турумдун символдук формасы жана жамааттык (коллективдүү) баалуулуктарды трансляциялоо ыкмасы катары ырым-жырымдын маңызы аныкталды; алгач ирет сакралдык окуя жана социомаданий тажрыйбаны трансляциялоо ыкмасы катары кыргыздардын салттуу тойлорунун үрп-адаттык-символдук жаратылышы ачылып берилди; структуралык-семиотикалык мамиленин негизинде буюмдун (заттын) символ (маданий белги катары) жана маданий маанилерди трансляциялоо ыкмасы катары символдук жана функционалдык болмуш жана семиотикалык статусу аныкталды; философиялык символизм концепциясынын жана кыргыздардын үрп-адаттык-тилдик тажрыйбасынын негизинде адамдын атынын ички маңызы, социомаданий жана аксиологиялык мааниси миф жана кадимки адамдын символу катары ачылып берилди; сөз кыргыздардын үрп-адаттык-тилдик тажрыйбасында символ катары жана сакралдык (ыйык) маалыматтарды сактоонун жана трансляциялоонун ыкмасы катары каралды; биринчи жолу кыргыздардын салттуу маданиятында архетипикалык эс-тутумду алып жүрүүчү жана сакралдык текстти берүүчү катары манасчылык өнөр феноменинин мифологиялык үрп-адаттык булактары ачылып берилди.

**Колдонуу боюнча сунуштар:** диссертациянын материалдары жана жыйынтыктары жождук тажрыйбада кыргыздардын этнофилософиясы, кыргыз философиясынын тарыхы, социалдык философия, культурология, эстетика жана этика боюнча окуу курстарын иштеп чыгууда, ошондой эле кыргыздардын салттуу маданиятын изилдөө боюнча атайын курстарды жана лекцияларды иштеп чыгууда жана жалпы эле кыргыз элинин руханий, социалдык болмушун жана маданий мурасынын маселелерин изилдөөдө жана мониторинг жүргүзүүдө пайдаланса болот.

**РЕЗЮМЕ**

**диссертации Осмоновой Нургул Исраиловны на тему «Феномен символического и способы его трансляции в традиционной культуре кыргызов», представленной на соискание ученой степени доктора философских наук по специальности 09.00.11. – социальная философия**

**Ключевые слова:** традиционная культура кыргызов, феномен символического, символ, миф, архетип, ритуал, празднество, фольклор, традиция, коллективная память, вещь как символ, имя как символ, слово как символ, сказительское искусство манасчи, ритуально-обрядовая практика, ритуально-языковая практика, сакральное, профанное.

**Объектом исследования** является традиционная культура кыргызов как непрерывно воспроизводящаяся система закодированных символов, **предметом** – проявление сущности символического и способы его трансляции через ритуально-обрядовые, ритуально-языковые практики, вещественно-предметные, устно-фольклорные и знаково-символические формы в сакральной (священной), профанной (повседневной) и духовной жизни традиционного человека.

**Цель** диссертационной работы заключается в раскрытии сущности символического и способов его трансляции в традиционной культуре кыргызов как системного целого. **Методологическую основу исследования** составляют принцип системности и принцип историзма как единства исторического и логического метода, сравнительный и диалектический методы, метод восхождения от абстрактного к конкретному, а также субстанциональный и функциональный подходы.

**Научная новизна исследования** заключается в том, что впервые традиционная культура кыргызов рассматривается как непрерывно воспроизводящаяся система закодированных символов, а символическое как имманентно присущий способ самовыражения и феномен проявления данной культуры. Впервые проявление сущности символического и способы его трансляции через ритуально-обрядовые, ритуально-языковые практики, вещественно-предметные, устно-фольклорные и знаково-символические формы в сакральной, профанной и духовной жизни традиционного человека становятся предметом социально-философского исследования; впервые выявлена специфика традиционной культуры кыргызов как системного целого; введено понятие «символический мир»; выявлена сущность ритуала как символической формы поведения и трансляции коллективных ценностей в традиционной культуре кыргызов; впервые раскрыта ритуально-символическая природа традиционных празднеств кыргызов как сакрального события и способа трансляции социокультурного опыта; на основе структурно-семиотического подхода выявлено символическое и функциональное бытие и семиотический статус вещи как символа (культурного знака) и способа трансляции культурных смыслов; через призму концепции философского символизма и на основе ритуально-языковой практики раскрыт внутренний смысл, социокультурное и аксиологическое значение имени как мифа и символа традиционного человека; слово рассмотрено как символ и способ хранения и трансляции сакральной информации в ритуально-языковой практике кыргызов; впервые раскрыты мифоритуальные истоки феномена искусства сказителя-манасчи как носителя архетипической памяти и транслятора сакрального текста в традиционной культуре кыргызов.

**Рекомендации по использованию:** материалы и результаты диссертации могут быть использованы в вузовской практике при разработке учебных курсов по этнофилософии кыргызов, истории кыргызской философии, социальной философии, культурологии, эстетики и этики, а также при разработке лекций и спецкурсов по изучению традиционной культуры кыргызов и в целом при изучении и мониторинге проблем духовного, социального бытия и культурного наследия кыргызского народа.

**SUMMARY**

**Osmonova Nurgul Israilovna's theses on a subject «Phenomenon of the symbolical and ways of its translation in traditional culture of Kyrgyz», submitted for the scientific degree of doctor of Philosophical sciences in the specialty 09.00.11. – Social philosophy**

**Keywords**: Traditional culture of Kyrgyz, phenomenon of the symbolical, symbol, myth, archetype, ritual, festival, folklore, tradition, collective memory, thing as symbol, name as symbol, word as symbol, storytellers art of manaschi, ritual and ceremonial practice, ritual and language practice, sacral, profane.

**The object of the study** is traditional culture of Kyrgyz as a continuously reproduced system of the coded symbols. **The subject** of manifestation essence of the symbolical in traditional culture of Kyrgyz and ways of its translation through ritual-ceremonial, ritual-language practices, material-subject, oral-folklore and sign-symbolical forms in sacral (sacred), profane (daily) and spiritual life of traditional individual.

**The aim** of the dissertation work consists in disclosure of the essence of the symbolical and ways of its translation in traditional culture of Kyrgyz as systemic whole.

**Methodological basis of the study** made of the principle of systematic approach and the principle of historicism as the unities of historical and logical methods, comparative and dialectic methods, and ascension method from abstract to concrete, and substantial and functional approaches.

**Scientific novelty of the study** is that for the first time the traditional culture of Kyrgyz is considered as continuously reproduced system of the coded symbols and symbolical as immanently inherent way of self-expression and a phenomenon of manifestation of this culture. For the first time of manifestation essence of the symbolical in traditional culture of Kyrgyz and ways of its translation through ritual-ceremonial, ritual-language practice, material-subject, oral-folklore and sign-symbolical forms in sacral, profane and spiritual life of traditional individual becomes a subject of a social and philosophical study. The specifics of traditional culture of Kyrgyz as systemic whole are for the first time revealed. The concept «symbolical world» is entered. The essence of a ritual as symbolical form of behavior and translation of collective values in traditional culture of Kyrgyz is revealed. The ritual-symbolical nature of traditional festivals of Kyrgyz as sacral event and way of translation of sociocultural experience is for the first time discovered. Based on structural-semiotics approach the symbolical and functional life and the semiotics status of a thing as symbol (cultural sign) and way of translation of cultural meanings is revealed. Through a prism of the concept of philosophical symbolism and based on ritual-language practice the inner meaning, sociocultural and axiological value of a name as myth and a symbol of the traditional individual is revealed. The word as a symbol and a way of storage and translation of sacral information in ritual-language practice of Kyrgyz is considered. The myth-ritual sources of a phenomenon of art of storyteller-manaschi as carrier of archetypal memory and translator of the sacral text in traditional culture of Kyrgyz are for the first time discovered.

**Recommendations on usage**. The materials and results of the thesis can be used in higher education schools practice at developing training courses on ethno-philosophy of Kyrgyz, history of Kyrgyz philosophy, social philosophy, cultural science, esthetics and ethics as well as at developing lectures and special courses on study of traditional culture of Kyrgyz and in general at study and monitoring problems of spiritual, social life and cultural heritage of Kyrgyz people.

**Осмонова Нургул Исраиловна**

# ФЕНОМЕН СИМВОЛИЧЕСКОГО И СПОСОБЫ ЕГО ТРАНСЛЯЦИИ В ТРАДИЦИОННОЙ КУЛЬТУРЕ КЫРГЫЗОВ

**Автореферат**
**диссертации на соискание ученой степени**
**доктора философских наук**

Подписано в печать 27.05.2017 г.
Бумага офсетная. Формат 60x84 1/16
Тираж 150 экз. Заказ № 834

Отпечатано в типографии ОсОО «М Maxima»
Кыргызская Республика, г. Бишкек, ул. Тыныстанова, 197/1
Тел.: (+996 312) 902 907, 900 435